

АЙТИЛЛА АДЫЛЮВА
Мен акын эмесмин...

АЙТИЛЛА АДЫЛОВА



# *Мен акын эмесмин...*

(Ырлар жыйнагы)

Ош – 2016



*Адылова Айтилла Мусаевна 1958-жылы Баткен облусуна караштуу «Базар Башы» айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Баткен айылындагы «Ленин» атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Кесиби боюнча «Флорист». Үч уул эки кыздын апасы. 9 неберенин чоң энеси жана тайэнеси. Учурда ардактуу эс алуудагы кутмандуу эне.*

*Автор бул жыйнагында үй-бүлө, турмуш - өмүр, достук, энелик мээрим, туулган жер, адам менен жаратылыштын эриш-аркак айкалышын, махабаттын улуулугун, айылдын жагымдуу таза абасы менен таңдын мээлүүн сыдырым шамалын, баба–дыйкандарга күч кубат берген берекелүү күз мезгилиндеги мол түшүм, бүчүр байлаган жаз айынын касиетин, достук азилдөр жана жаштардын күжүрмөн эмгеги, насаат темаларына арналган ырларды окурмандар назарына тартуулады. Турмуштук тажрыйбадан алынган ыр саптары кимди болсо да кайдыгер калтырбайт.*

***Жаңыдан гана канат күүлөп талпынып поэзиянын бир бурчунан орун издеген Адылова Айтилла Мусаевнанын (Мен акын эмесмин) аттуу китебине***

## ПИКИР

«Акынмын» деп айтыштан тартынып турган бул калемгер жаштайынан эле залкар жазуучу акындардын китептерин колунан түшүрбөй окуп жүргөн тура. Мына Сиздердин колуңуздарда «Мен акын эмесмин» аттуу ырлар жыйнагы. Анын автору келечектен көптү үмүттөндүргөн, маңыздуу сөздөрү менен окурманды өзүнө тарта билген калемдешибиздин бири Айтилла Адылованын алгачкы китеби жарык көрүүдө. Чыныгы чыгарма түбөлүктүүлүгү менен баалуу. Ал бүгүн же эртеңки күн үчүн гана жазылбайт. Келечек муундарга сабак, үлгү болсун үчүн түбөлүктүү болуп, эл түнөгүнөн орун алган китептердин катарынан орун алышына шек жок. Каламгер турмуштун түркүн-түмөн ойку-кайкы, ойуш-кыйыш агымдарына аралашып анын көйгөйүнө күйүп, жакшысына сүйүнүп, коомчулукта болуп жаткан

оң жана терс көрүнүштү таразалап электен өткөрүп окурмандын купулуна толо турган учкул ойлору ушул жыйнактан даана байкалат. Чыныгы каламгер турмуш чындыгынан жазбай, тагдыр менен бетме-бет туруп, анын машакаттарына бардаш берип, адамзаттын жашоосундагы ар кандай кырдаалдагы кыйынчылыктарга сепил, инсандарга күч-кубат, акыл-эс болуп түбөлүккө жашайт. «Жараткан Аллах» тартуулаган акындык өнөрүн күчөтүү менен бирге, ар бир жаңылыкка калемгер катары үнүн кошуп, тээ балалык мезгилден баштап эле чыгармачылыкка болгон ышкыбоздугу күн санап болоттой чыңалып нечендеген ашуулардын ашуусунан ашып өтүүгө далбас уруп, тунжураган туңгуюктун жылчыгына нур жандырып, аздыр-көптүр шурудай тизилген ыр саптары окурманды кайдыгер калтырбашына ишенем. Каламгер эжебиздин жазган ырларын окуп олтуруп өзүңчө бир ырахат аласың. Анын жазган ырларынын багыты жашоо турмушубузда болуп жаткан окуяларды күзгүдөн көргөндөй көз алдыңа тартуулайт. Дээрлик көпчүлүк ырларында өзүнчө бир оргиналдуулук, адамдын ички руханий дүйнөсүнө таасир этө турган философиялык ой чабыттары, наристе сымал назик сезимди кытыгылаган жаштыктын жалындуу мезгилдерин чагылдырган лирика саптары орун алган. Анын ырларынан Ата-Мекен [illegible] патриоттук сезимди, туулган жердин [illegible] [illegible], [illegible] улуулугун, махабаттын [illegible], [illegible] [illegible] [illegible] абасын, бетти [illegible] [illegible] [illegible], [illegible] тамчылаган [illegible] [illegible] бүчүр байлаган берекелүү жаз [illegible] [illegible] [illegible], тилек каалоолорун, [illegible] эмгек болгон [illegible] даңазалаган [illegible] окууга болот. Анын «Сулууларга суктанып» деген ырларда айтылган

Сулуулар жаралганбы бир келген,
Абайласак сүйүп сулуу кудай берген.
Кордобойлу ак куу моюн сулууларды,
Эне болот уул кыздуу бир керилген... деп, - Поэзия–жаштыктын «даанышмандыкка умтулуусу» деп, - улуу инсан Чыңгыз Айтматов айткандай Айтилла Адылованын нукура чындыкты чагылдырган ыр саптары кимди болбосун өзүнө тарта алат десем жаңылыштык болбос. Дагын бир баса белгилеп кетчү нерсе эженин ойчул акындардын катарына кошулсам деген ички дилин байкадым. Анын ар бир ыр саптарына терең маани берсем ал жалтыраган шыдыр уйкаштыктан качып, ар бир сөзгө сараң карап, басым жасагандыгы. Турмушта өз көзү менен көрүп, өз башынан өткөргөн окуяларды өзүнө гана таандык акындык ыкма менен элестетүү, образдуу сүрөттөө аркылуу поэзия күйөрмандарын өзүнө тартууга жасаган аракеттери даана сезилип турат. Арадан жылдар өтүп, а балким, Айтилла Мусаевнанын мындан да көлөмдүү ыр жыйнактары окурмандардын колуна тийип, акындык зоболосу бийиктеп, түштүк жергесиндеги акындардын катарынан орун алышына ишенем. Мен калемдешибиз Айтилла эже менен кечээ жакында гана тааныштым. Аз убакыт болсо да анын башкаларда жок жекече инсандык айрым-ачык мүнөзү... кичи пейилдүүлүгү, башкаларды сыйлай ала тургандыгы мени кубандырды. Болочок акындын жүрөгүнүн ар бир түрсүлү касиеттүү азоо жаштыктын жанарынан кубат алып, кудуреттүү махабаттын жамалынан демденип согуп тургандыгына таасын ишенебиз. Калемдешибиз Айтилла Адылова Мусаевнага Ак жол каалоо менен бирге, анын жүрөгү таңдагы аппак шооладай тунук болушуна тилектешмин! Сиздин алгачкы жолу жарык көрүп жаткан китебиңиз өмүрүңүзгө өмүр улап, жүзүңүзгө майрамдык маанай тартууласын. Поэзия булагы - ар дайым акындын

чыгармачылык эргүүсүнө кош канат боло берсин! Бар болуңуз келечектеги болочок акын, сиздин мээрим токкон ыр саптарыңыз калың элдин элегинде болсун. Акактай тунук жүрөгүңүз менен ыр дүйнөсүн аралай бериң!

***«Мезгил жарчысы» гезитинин башкы редактору,***
***Кыргыз Республикасынын Журналисттер***
***кошунунун мүчөсү Айталы Джуманазаров***

***

## ПОЭЗИЯ ААЛАМЫНА АЛГАЧКЫ КАДАМ

Мезгилдин агымы аткан октой тездик менен өтөрүн жаш куракта анчалык деле элес албайбыз. Адам баласы өзүнүн турмуш-тиричилигинде, жашоосунда ар кимиси ар кандай өмүр сүрөт. Эч ким бул дүйнөгө түркүк боло албашы анык. Ошондой болсо да ар бир инсан баскан изине кылчайып караганда өзүнүн жашоо турмушунда эмнелерге жетише алды, дагын кандай жумуштардын өтөөсүнө чыгуу керек?.. деген сыяктуу максаттардын үстүндө ага умтулуп, колунан келишинче талантынын жетишинче эл алдында эмгек кыла билүүсү абзел. «Туулган жердин» ыйыктыгын сезип ага маани берүү, дос жарды, тууган-урукту, үй-бүлөнү сүйө билүү, уул-кыздарынын ымандуулугун тилеп, неберелердин назик сезимдеги [illegible] ички дүйнөсүнөн оргуштап чыккан энелик мээрим ар бир ата-эненин кан тамырында жүрөгүнүн түпкүрүндө сакталып келет. Адамдар менен мамиле кылуу, коозлукту, сулуулукту көркөм сүрөттөө, эне тилин даңктоо, аксакалдардын даанышмандыгын, айкөлдүгүн даңазалаган жана башка көптөгөн түркүн ырлары калемгер эжебиздин ой

толгоолорунда «Мен акын эмесмин» деген Адылова Айтилланын басма сөз бетинде жаңыдан жарык көрө турган китебинде, поэзия ааламынын чыйырында адамды өзүнө тарткан жаңырыгы менен бериле тургандыгын айткым келет.

Мен Айтилла эженин жазган ырларын окуп олтуруп, анын жазган ырларынын ар бир сабы кан тамыры менен жуурулушуп, окурманды өзүнө магниттей тартып, жан дүйнөңө кандайдыр бир терең ойлорду, бүгүнкүгө каниет кылып эртеңки күндүн жакшылыгынан үмүт менен таңды күтүү сыяктуу учкул кыялдарды тартуулайт. Шурудай тизилген ыр саптары, окурманды өзүнө тарткан табити анын ыргактуулугу, уйкаштыгы, мазмуну, көркөм сөздөрдү таба билгендигинде. Айтилла Адылованын ырлары башка акындардан өзгөчөлөнүп жашоо-турмушубуздагы болуп жаткан түрдүү-түмөн тематикаларды камтыйт.

Өрүк зарлуу Баткен жергесинин көрүнүшү, үй-бүлөгө бакыттын келиши, адам баласынын жашоо турмушундагы өйдө-ылдый, ойуш-кыйыш татаалдыктар, тарбиялык насаат сөздөр, адамзаттын азыгы болгон «нан» жөнүндөгү, жаман менен жакшынын айырмачылыгына берген баасы, арноолор, ошондой эле ата-эненин ыйыктыгы, бийиктиги жөнүндөгү ырлары негизги орунду ээлейт.

**«Жакшы адам бололу»** аттуу ырында:

Ичи тардык адамдын жаман жагы,
Кең дүйнө чалкып жаткан аба дагы.
Ич күйдүлүк кең дүйнөдөй боло албайбыз,
Бирөөсү өйдө болсо, аны неге көрө албайбыз.

Жүрөктү кең кылып кең бололу.
Акты ак деп, караны кара деп тең бололу.

Ичи тар караөзгөйлүк жаман адат,

Пейилди оңдоп жакшы адам бололу деп, - адам баласынын ич күйдүлүк пейилин так даана көрсөтүп ошол эле учурда ал адамдын пейилин оңдоого насаат сөзүн айтып, жакшы адам болууга үндөп жаткандыгы жаш калемгердин ак менен караны, оң менен солду ачык-айкын сүрөттөп биреөлөргө көз артпай, тескерисинче элди ынтымакка чакырып жаткандыгы акындын айкөлдүгү эмеспи. Ал эми «Түркүн тагдыр» деген ырындагы

«Калем кармап ойлуу жазам,
Түркүн тагдыр ар адамдан.
Бүтүн эмес жүрөк дарты,
Санаа тарткан түркүн арман» деп,-адам баласынын жашоо турмушундагы түркүн тагдырларына басым жасаган саптары кимди болбосун ойлондурбай койбойт.

Ушундай эле «Айылым Базар-Башым» деген ыр саптарына терең үңүлүп карасак, туулуп өскөн айылынын коздугун даңазалап жазганын окуган адам, сөссүз өзүнүн туулуп өскөн айылын бир эстеп аларына шек жок.

Өнгөн элим ынтымактуу Базар-Башым,
Айырма жок шаарлардан таң каламын.
Аксакалы катарлаш Базар - Башым,
Жаштар өсүп алдыга жарышканын.

Желегиң желбиресин Базар-Башым,
Күн нуру тийип турсун сага дайым.
Ооматыңды Аллах берсин кагылайын,
Кыргыз эли көбөйсүн жаратканым. – деп айылдын кереметтүү касиетине суктануу менен андагы элге, жаштарга, жараткандан жалбарып оомат тилеп жаткандыгы автордун туулуп өскөн айылына болгон көз

карашы жүрөгүндө дайыма сактала тургандыгы даана жазылган.

Аялзатынын акылмандыгы, бооркерлиги, дүйнө элдеринин ичинде кыргыз аялдарынын өзгөчөлөнгөн орду ыр саптарында даана берилген. Эл ортосу элүү жаштан өтүп, ысык-суукту башынан кечирип, баш-оту менен чыгармачылыкка киришип, ырларында чындыкты чагылдырган Айтилла Адылова чоң-чоң залкар акын жазуучуларга тете болбосо да, поэзия дүйнөсүнүн терең түпкүрүнө жетсем деген ой максаты, ыр жазууга болгон аруу тилеги улам алдыга карай жетелеп, руханий байлыгы булак көзүнөн ургуштап атып чыккан мөлтүр сууга окшоп келаткандыгын анын ыр саптарынан байкоого болот. Поэзия ааламына жаңыдан кадам таштаган каламгерде кандайдыр бир байкалбаган касиет бар. Ал касиетти анын ырларына терең үңүлүп караган окурман гана таба алышы мүмкүн. Айтилла эженин ыр топтомунун жарыкка чыгышы, анын ырларынын түбөлүктүү өмүр сүрүшү деп эсептейм. Анда эмесе Сизге ак жол каалоо менен ден соолугуңуз бекем болсун. Үй-бүлөңүз менен бирге бактылуу турмуштун дооруп сүрүп, ойлогон ой максаттарыңызга жетишиңизге тилектешмин! Талантыңызга таазим этип, сиңдиңиз…

***Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союзунун мүчөсү «Белес» гезитинин жооптуу катчысы Ярматова Рабия Шеркозуевна***

## ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН ЖЭЭНИМ АЙТИЛЛА

Ал мезгил ааламды дүңгүрөткөн СССРдин убагы. 1977-жылы Каламбек менен Айтилла экөөсү баш кошуп, өздөрүнчө түтүн булатып турмуш чыйырына түшүшкөнүн кантип унутайын. Мен аларды ошол мезгилден эле жакшы билем. Баткен айылында сегиз жылга тете жашашып, кийин 1985-жылы Кызыл-Кыяга көчүп келишкени ушу бүгүнкүдөй эсимде. Тууган-урук баардыгыбыз алардын кут конгон Кызыл-Кыя шаарына келишине бир чети сүйүнүп, бапыр-шапыр болуп майрамдык маанай менен тосуп алганбыз. Ошол учурда азыркы Эркин деген уулу 5 жаштагы мотурайган жаш бала болчу. Мына эми азыр уул-кыздары бойго жетип, үйлөнүп-жайланып дегендей кыздары апа, уулдары ата болуп өздөрүнчө үй-бүлө башчылары. Кудайга миң мертебе шүгүр. Ошол күндөн ушул күнгө чейин жээним Айтиланын бирөө менен араздашканын укпадым, көбүнесе жакшы жактарын угуп келем. Анын ачык-айрым жайдары мүнөзү, үй-бүлөсүнө болгон энелик мээрими, өзүнүн эмес өзгөнүн кызыкчылыгын ойлогон орошон-берешендигине ыраазымын. Кандай болгон күндө да жакшы жашоо үчүн күрөшө билген кайраттуу, ар бир жумуштун ийне-жибине чейин иликтеп анан гана чечкиндүү кадам таштаган, тууган-урук, коңшу-колоңдун, жөк-жааттардын арасында үлгүлүү келиндердин бири. Адамзат пендесинин жашоо турмушу эмнеге баалык. Албетте, бири-бирине кайрымдуу болуш, колдон келсе соопчулук милдетин да аткарыш эмеспи. Айтилла өзүнүн жашоо турмушунда бир нече жылдардан бери карай «гүл өстүрүү» кесибин аркалап сан миңдеген элдин кубанычына – кубаныч кошуп гүл белегин тартуулап келет. Бул деген жакшылыктын жышааны. Гүл – бул адам баласынын айрыкча аялзатынын дилин тазартып

жашоого болгон кызыгуусун арттырат. Ушундан улам айткым келет, Айтилланын бүгүнкү күнгө чейин аткарган жумушу гүлдесте алган ар-бир адамга өмүр улап, алардын кубанычына ортоктош болуп келгендигине мезгилдин учуру өзү тараза. Ал эми кечээ жакында угуп калдым анын жакын арада китеби чыга тургандыгына. Мен бул кабарды угуп аябай сүйүндүм. Көрсө жээнимдин ички дүйнөсүндөгү руханий байлыгы деңиз толкунундай албууттанып, жүрөгүнүн түпкүрүнөн ыр саптары оргуштап чыккан тура. Менин айтарым жээним Айтилланын чыгармачылыка багыт алган талантына ийгилик каалайм. Өмүрдүк жолдошуң менен бактылуу жаша. Уул-кыздарыңдын убайын көр! Силерге тилегеним жакшылык.

***Тагаң: Арзыбаев Үсөн ажы.***

***

## АКЫНДАРДЫН АРАСЫНАН КӨРГҮМ КЕЛЕТ

Ооба, «Мен акын эмесмин» деп – өзүн, акын жазуучулардын катарына теңебестен бир аз артка чегинип туруштун өзү эле келечекте акындардын катарына кошуларынан кабар берет. Өз алдыбызча олтурганда ким болбосун баарыбыз эле андан-мындан ойкутуп-кайкытып сүйлөп кое беребиз. Бирок, ыр түрүндө уйкаштырып, анын маанисин чечмелеп жаза билүү анча-мынча адамдын колунан келе бербейт. Мындан эмне демекчимин… - ал кезде мен деле жаш бала болчумун. Бир тууган агам Каламбек жеңем Айтилла, Баткенде жашап өздөрүнүн турмуш-тиричилиги менен алектенип жүрүшкөн. Алардын шаарга көчүп келишет дегенин угуп калдым. Кубанычым койнума батпай сүйүнгөнүмдү айтпа. Алар

1985-жылы көчүп келишти. Туугандар, коңшу-колоңдор болуп күтүп алдык. Үйдүн ичи жаш наристелердин кыткылыктаган күлкүлөрүнө толуп, аларга кошулуп мен дагы толкунданып төбөм көккө жетип турду. Мына, андан бери нечендеген жылдар артта калып заман да өзгөрдү. Агам менен жеңем эң бактылуу үй-бүлөлөрдүн бири. Ал эми жеңемдин поэзияга болгон ынтызарлыгы тагдырдан тамган тамчыга окшоп табият берген ырыскы деп билемин. Мен өзүм эки сөздүн башын курап жазалбасам да көптөгөн акын-жазуучулардын китептери менен тааныштыгым бар. Ошондон уламбы, жеңемдин кол жазмаларына кызыгуум артып, ар бир сабына терең үңүлүп окуп чыктым. Жеңем адегенде эле мен акын эмесмин деп окурмандарды ырга ээрчитип, ошол аркылуу философиялык ойго жетелеп, андан жыйынтык чыгарганын туюп, ыраазы болдум. Ал дүйнөгө, окуяга, сүйүүгө, күйүүгө, жоготууга, табууга, каламгер катары өз көзү менен карайт. Мындай көз караш жеңемдин энелик мээрими, ой толгоосу, аруу тилеги. Кудай буюруса ошол ойлогон тилектери ишке ашып жаңы китептин бет ачары менен таанышасыздар. Айтилла жеңем талбай изденип, чаалыкпай аракеттенсе, келечекте кыргыз поэзиясынын багына дагын бир саябалуу акын болуп чыгышына шек жок. Ал эми сөзүмдүн акырында жеңеме мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалап кетемин. Калемиңиздин учунан жан дүйнөгө жарык шоола чачкан ырларыңыз жамгырдай жаап, окурмандардын алкоосуна ээ болушуңузга ак дилимден тилектешмин! Төмөндө белгилеп өткөндөй келечекте мен Сизди залкар акындардын арасынан көргүм келет.

***Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин депутаты:***
***Мамадиев Аскарали Адылович.***

## МЕН АКЫН ЭМЕСМИН

Мен акын эмесмин ыр төгүлгөн жүрөктөн,
Мен энемин жазгым келет сүрөттөп.
Төгүлөмүн мекениме бейиш төрү жериме,
Жазгым келет аккан сууну карапайым элиме.

Жазгым келет жаратылыш сулуулугун.
Тынчтык болуп токчулук улуулугун.
Жүрөгүмдө энелик мээр төгүлүп,
Бактылуу болушса дейм үй жай куруп.

Мен акындай жазгым келет бүт баарына,
Жеткире албайм акындай кенен баарын.
Мээримим төгүп турам эл журтума,
Жаза берем жүрөгүмдөн кайнап чыкса.

## ЖАЗ АЙЫМ

Жаз эрте жер жарылып чөп чыгып,
Жап жашыл жаз жыттанып күн чыгып.
Асман ачык торгой учуп жар салып,
Жаз келгенин сүйүнчүлөп ыр төгүп.

Кеткен куштар кайра келип үн салып,
Чоң энелер буудай төгүп жар салып.
Амандыкка бата тилеп Алладан,
Сүмөлөк кайнап чыгат казандан.

Жазда көктөм гүл жыттанып ачылган,
Жаштар сүйүп кол кармашып табышкан.
Гүлдесте тартуулашып сүйгөнүнө,
Жазым келчи гүлүң берчи сүйгөнүңө.

Бата менен жашарып эл көгөрөт,
Жамгыр төксө жер жашарып чөп өсөт.
Жаз иштесе жер эне төгүп берсе элиме,
Кырман толуп бир Алла, кошо берсин элиме.

## ГҮЛ НАЗИК

Гүл назик тартуулашат жаш келинге,
Гүл көңүл сүйүнүп көтөрүшөт сүйгөнүнө.
Тартуулап бир-бирине көңүл улап,
Гүл көңүл белек болот билгенге.

Таң эрте нурун чачып күн желеси,
Төрөлдү ыңаалаган бала үнү.
Сүйүнүп кучак толо гүлүн алып,
Жарына гүлүн сунат ата болуп.

Гүл назик белек кылат баарына,
Туулган күн жакынына, жарына.
Жашыбы же карыбы жакшылыкка,
Гүл көңүл белек кылат баарына.

Кан майдан согуш көргөн аталар,
Мекен коргоп өтүп кеткен жаш балдар.
Гүл көңүл арбактарын сыйлашып,
Гүл коюшат эстеликке адамдар.

Гүл жасап көңүл улап элиңдин,
Жакшылык боло берсин жериңдин.
Кыз-келин энелердин майрамына,
Белек болсун жоогазын майрамыңа.

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫМ

Жазгы жамгыр дыбыр-дыбыр төгүлөт,
Кыз чачынан сагынгансып өпкүлөп.
Кыз кылыгы уялыңкы пааналап,
Дарак түбү жалбырагын түрткүлөп.

Жазгы жамгыр төккүн жерге береке,
Кызгалдактар жайнап чыксын жериме.
Кыздар толо жүгүрүшүп адырга,
Жазды сүйүп таза абага кериле.

Жазгы жамгыр моюн ылдый куюлат,
Ак назиктей чачым сылай сулуулап.
Жерим жашыл абам таза гүл гүлдөп,
Баары сулуу мен да сулуу жаз сулуу.

Жаз көктөмү зарыгып күтөм сени,
Көрктөнгөн кызыл-тазыл жеримди.
Мен кучактап абасынан дем алып,
Өбөйүнчү жаз жамгырым өзүңдү.

## ГҮЛДӨР

Гүлдөр көрдүм түркүн түстө ачылган,
Баары сулуу көз кумарың кандырган.
Кызыл, сары, көгүшү дагы дагы,
Ар кимиси ар кандай мүнөзү бар ачылган.

Апапакай ромашкалар күнгө күлүп ачылган,
Намашам гүл түндү көрсө жабылган.
А жоогазын күндү көрсө ачылган,
Кеч киргенде тез арада жабылган.

Түнү-күнү гүлүн ачкан розалар,
Жаздан күзгө гүлдөй берет розалар.
Жыл айланып жаздын күздүн гүлү бар,
Ар кимиси өзүнчө гүлүн ачып кубантар.

Баары гүлдор ачылганда чер жазам,
Гүл бакчамда карап коюп ыр жазам.
Жаздай сулуу суктандырган кыздардай.
Карай берем гүлүмө, ашык болгон балдардай.

## АЙГҮЛ ГҮЛҮ

Айгүл гүлү ачылыпсың эрте жазда,
Суктантат сулуулугуң тоо башында.
Жаш ымыркай төрөлгенсүп жаңыдан.
Сүйүнчүлөп Айгүл гүлүн сагынган.

Айгүл гүлүн көрүүгө ар тараптан,
Келишкендер гүлдү көрүп сүрөткө алган.
Суктанып сулуулугу гүлдү көрүп.
Байкатпай акырын үзүп алган.

Канча адам келет-кетет тоо башына,
Жетишпессиң кароого тоо башында.
Күлүмсүрөп суйкайган Айгүл гүлүн,
Соолутпай үзүп алба эч убакта.

Оо адамдар гүлдү асырап сактайлы.
Үзбөгүлө гүлдү барктап даңктайлы.
Баткениме суктанып гүл көрүүгө,
Келсин мейман топ болуп гүл көрүүгө.

## АЛМА ГҮЛҮ

Алма гүлдөп буруксуп гүл барагы,
Араладым алма бакта конгон аары.
Тойбойсуң таттуу жытка буруксуган.
Кызганам аарылардан гүл бакты.

Ойлоном алма гүлгө тигилемин,
Сагынам алма гүлүн сагынамын.
Апакай көпөлөктөр учуп конуп.
Коруймун көпөлөктөн ар жыл сайын.

Алма гүлүн жыттаганда буруксуган,
Чер жазам жашарамын толот кубат.
Бир демде бала болуп ой кыялым,
Алып кетет жыттаганда жаш курагым.

А мен болсо жаш бойдон жүргүм келет,
Алма шакка көпөлөктөй конгум келет.
Буруксуган алма гүлүн кана жыттап.
Гүлүн коорул көк майсанда жаткым келет.

## САГЫНДЫМ

Сагындым айылымды өрүк багын,
Жечү элек өрүктүн ийип шагын.
Айдап келет козу-улак, бодо малын,
Базар болуп бакырышкан боз уландын.

Сагындым балалыгым өткөн күндү,
Топ кыздар ырдачубуз тосуп күндү.
Бала кыял алып барчу ар тарапка,
Ойночу элек тезек терип корук жакта.

Сагындым апакемдин ысык нанын.
Чай демдеп каймак коюп нан жапканын.
Атакем эркелеткен мама кыз деп.
Балалыгым узап кетти сүйлөсөм кеп.

Топ кыз жок ойногон обон салган.
Бири абышка бири кемпир ак жоолукчан.
Намаз окуп балдарына жакшылыкты.
Дуба кылат жаратkандан амандыкты.

## АТА ЭНЕҢ ДӨӨЛӨТҮҢ

Үйдө кут бар атаң болсо каарыган кырманың.
Үйдө нур бар энең болсо жарыткан чырагың.
Телегейиң тептегиз көңүлүң ток баласың.
Берекең бар түгөнгүс айтып бүткүс алтының.

Атаң үйдү карап турган эшигиңди,
Бак тигип эгип койгон жемишиңди.
Энең карайт балдарыңды бапестеп.
Алдей айтып терметет ак бешикти.

Атаң болсо наның бүтүн түгөнгүс,
Кем кетик жок ойлонбойсуң.
Энең болсо эркелейсиң чоңойсоң да,
Ата-энеңе жаш баласың улгайсаң да.

Ата-энең бар дөөлөтүң кашыңарда,
Жакшылыкты тилейт дайым башыңарга.
Алып кетпейт көтөрүп бар тапканын,
Топтоп берет балдарына жыйнаганын.

## НООРУЗУМ

Кел Ноорузум келчи элиң жаңырып,
Көк чыксын жерим гүлдөп ачылып.
Мал тойсун койлор төлдөп эгиздеп,
Дыйкандар буудай сепсин тегиздеп.

Кел Ноорузум куттуу болсун элиме,
Чака толо сүтүн алып энелер.
Сүйүнчүлөп ууз берип журтуна.
Кут береке келе берсин элиме.

Кел Ноорузум бер элиме береке,
Тынчтык болсун күлүп турсун энелер.
Буудай төгүп тилек – тилеп Алладан,
Сүмөлөгү кайнап чыксын казандан.

Кел Ноорузум жакшылыктын жылы бол,
Жаштарыма ыйман менен ынсап бер.
Чоң аталар бата берип жаштарга.
Бай өлкөгө теңтайлашсын кыргызым.

Кел Ноорузум жамгырыңды бере көр.
Чөп чыгып малга тоют боло бер.
Ак калпакчан уландар, суйкайган сулуу кыздар,
Желбиретсин кыргыз туусун көк асманда.

## ТИЗГИНСИЗ ТИЛ

Тил жумшак жакшы сөзгө жаманга да,
Сүйлөсөң кете берет оңуна да солго да.
Тизгиндеп буруп турсаң оң жагына,
Жакшысың адам болуп калганыңа.

Тил сүйлөп сооротот ыйлаганды,
Көңүл улап баш сылап муңайганды.
Жакшы сөз дем берет көңүл улап,
Күлүп коюп туруп кетет ыйлаганда.

Тил сүйлөп бата берет жаштарга да.
Ширин сөздөр жоошутат душманды да,
Тил жумшак жаш баланы ыңаалаган,
Уктап калат кол таптап ырдаганда.

Узун тил тизгини жок сүйлөгөндө.
Сар санаага салып коет заматта.
Ырыс алды ынтымак болсун десек,
Ким бирөөнү ушактаба бул ааламда,

## ТҮШ КӨРДҮМ

Түш көрдүм агып жаткан дарыядан,
Суу алып дуба алдым карыядан.
Көк майсан гүл оронгон адырлар.
Гүл терип келатыпмын капчыгайдан.

Суйкайган сулуу болуп чачым узун,
Кызыл көйнөк күмүш сырга кулагымда,
Сыбызгыган шамал жели бетке уруп.
Себетимде толо экен ысык нан,

Чоочуп кетип ойгонсом түшүм экен.
Бубак баскан чачым сылап ойлоп кетем.
Өтүп кеткен жаштыгым түшкө кирип,
Үшкүрүнүп күлүп койдум түшүм экен.

## КӨП УЛУТТУУ КЫРГЫЗЫМ

Окшоштурам мөмөлөрүн байлаган,
Өрүк, гилас, шабдалысы алмасы.
Орус, кыргыз, өзбек, казак, баарысы,
Мөмөлөрдөй жайланышып калганы.

Катар турат мөмө ийип алганы,
Жүзүм, курма, кайналысы бактагы.
Тажик, татар, түрктөрү бар дунганы,
Ынтымактуу коңшу жашап калганы.

Жемишке мол кызуу жүрөт базары,
Бака-шака ачык айкын маанайы.
Улут бөлбөй кудалашып канчасы,
Мөмө бактай аралашат баарысы.

Эзелтеден атам Манас баатырым,
Алган экен тажик кызын жактырып.
Ынтымактуу жашап келет кылымга,
Өнүп-өссүн куттуу элим кыргызым.

## СУЛУУ ӨЛКӨМ

Суктандым мен өлкөмө чалкып жаткан,
Ачык асман кең талаа аалам жайган.
Нурун төгүп жаркырайт күндүн нуру,
Кечеси жарык болуп ай жарыткан.

Аалам сулуу Ысык –Көл толкун жайган,
Өзөн бойлоп шаркыратма суулар аккан.
Ак мөңгү канжар миздүү көк муздарың,
Ак карлуу тоолору кучак жайган.

Токойлуу жашыл майса арчалары,
Бүркүт конгон аска зоолор жайлары.
Кудай берген топ токойлуу жерлерим.
Бейиш төрү кыргызымдын ааламы.

Сактайлы сулуу өлкөм жашарган.
Барктайлы суубузду шар акккан.
Аябады коздукту кыргызымдан,
Өсө берсин сулуу өлкөм жашап турган.

## БАЛДАРЫМА

Бакчамда жумуш кылып балам турса,
Неберелер бака-шака күлүп турса.
Мөмө гүлдөп таза аба маанай ачса.
Келиним пахта салып төшөк шырса.

Алладан тилек кылам карап туруп.
Тийген күндү бактылуу болгон күндү.
Моокум канбайт баламдын күлгөнүнө,
Ырыс кешик мол болсун үй-бүлөмдө.

Бакчадан келсе балдар чурулдашып,
Үйүм толуп базар болот ызылдашып.
Гүл терип белек кылат сары гүлдү.
Энекелеп талашат чып жабышып.

Өсө берсин балдарым эсен болуп.
Урушпастан ынтымак ынак болуп.
Ага ини, эже сиңди тең баарысы,
Бактап-шактап көбөйүшүп жүзгө толуп.

## ПАРТАЛАШЫМ

Айылда жалгыз мектеп биз окуган,
Топ балдар топ тебишип чурулдашкан.
Ойнодук эстен кетпейт чакмакташтан.
Ойночу элек мышык-чычкан кубалашкан.

Өттү күндөр билинбестен айланып.
Парталашым ойлой берем жаш чагым.
Он жыл бою бирге жүрдүк туугандай,
Ынак өстүк тизилишкен шурудай.

Кыз келин небереге кучак толуп,
Шүгүр кылам Аллага сан миң ирет,
Топтолгондо парталаштар ызылдашып.
Кубанабыз өткөндү эстеп кучак жайып.

Сагынып топтолушкан күндү күтүп.
Ырдайбыз жан жыргатып шаңдуу күлүп.
Карылык эстен чыгып жаш баладай,
Кемчиликти айтабыз азил кылып.

Убакыт өтүп кетет бир заматта.
Кана эми бир аз турсак чер жазыша.
Улгайсак да жүрөк назик дил таза,
Кайта келсек балалыкка бир аз гана.

## ЭНЕЛЕР

Энелер боору кең кучак жайган,
Баарына мээрим төгүп баш сылаган.
Жакшы сөзү капыстыгын тең көрүп.
Өлкөмө да жан күйгүзүп кулак салган.

Энелер кең дүйнө чалкып жаткан,
Үйдө жарык нур болуп жарык чачкан.
Энелер жаман сөздөн алыс болуп.
Жакшы сөз жыланды ийинден алып чыккан.

Энелер таманында бейиш деген экен,
Сыйлайлы энелерди ак сүт берген.
Канча сый кылсак дагы аздык кылат,
Эненин аппак сүтү улук экен.

Энелер дуба кылат баарыбызга,
Бата алсак кем болбойбуз баарыбыз да.
Энеге таазим кылып мээр алсак,
Өнүп-өсүп бактылуу болобуз да.

## ӨКҮНБӨГҮН

Жаштык мастык ойлонбогон баатырсың.
Төшүң кагып акындан да аалымсың.
Кулак бүтүп эч нерсени укпастан.
Колуң шилтеп жүрүп турган шамалсың.

Өкүнбөгүн өттү өмүр айланып.
Канча дарак бүчүр байлап саргайып.
Жазы, жайы, күзү келип кышы да,
Өтөт өмүр уйпаланган жалбырак.

Өкүнбөгүн жаштык кетти курч убак.
Күчүң кетти кылган күнөөң кайсы убак.
Аалам кезип бир көз ачып жумганча.
Өтөт өмүр кайтып келбейт жаш курак.

Өкүнбөгүн өткөн жашты эскерип.
Кечиримдүү боло бергин кол берип.

Болсун сабак улуусуна кичүүгө.
Ич туйгуңду шашылышсын билүүгө.

## АЯЛЗАТ

Аял зат жаратылыш сулуулугу.
Назиктиги баа жеткис улуулугу.
Айколдук аларда бар чалкып жаткан.
Сыйкыры бар баарыбызды арбап алган.

Аял зат жоогазындай жаңы ачылган.
Бала сүйүп күлгөнү кумар жазган.
Күлүп турат аял заты мүңкүрөбөй.
Канча түйшүк тартса да муңайбаган.

## ЧАК ТҮШТӨГҮ ЧАГЫЛГАН

Кычырап жигит кезиң келген убак.
Кыз жандап жүрбөйт белең чачын сылап.
Жаз айы сулуулугу бул дүйнөнүн,
Жүрбөйт белең ата-энеңе үмүт улап.

Агаң-иниң эжелериң үй-бүлөлүү,
Өтөт өмүр зымырап түштөгүдөй.
Арадан он төрт жыл өтсө дагы.
Кетпейсиң эсибизден бүгүнкүдөй.

Эстүүлүк мээримдүүлүк баары сенде,
Үмүт менен күтөр элем баарын сенден.
Чак түштө түштү үйүмө чагылган,
Үмүт өчтү кызыл чокко айланган.
Кудайым бейиш төрүн берсин деймин.
Аралап гүл багында жүрсө деймин.

Дуба кылам жаратканга сыйынып.
Көрбөгөнүн өз дүйнөдө көрсүн деймин.

Өттү күндөр бак дарактар чоңойгон.
Неберелер гүл багымда ойногон.
Бир сен жоксуң эми бүчүр байлаган.
Жүрөктө сен ачылбайсың кайрадан.

## КАЧА АЛБАЙСЫҢ АЖАЛДАН

Мезгил учат кылымдарды карыткан.
Жаш карыга карабай өтүп кетет өмүрдөн.
Атасына карабай бала өткөн өмүрдөн.
Энесине карабай кызы өткөн дүйнөдөн.

Бул Алланын буйругу кача албайсың өлүмдөн.
Бешиктеги ымыркай бөбөк өткөн өмүрдөн.
Күн чыкканын батканын, ай чыкканын көрбөгөн.
Бул кудайдын буйругу бир күн жашап көрбөгөн.

Ажал келип Алладан жолго шашып чыккан бар,
Машина уруп кетиптир деген сөздү уккан бар.
Же машина кагышып кыйрап жатып калган бар.
Бул Алланын буйругу жолдон ажал тапкандар.

Сууга агып кеткен бар. сууга чөгүп өлгөн бар.
Отко күйүп өлгөн бар. окко учуп өлгөн бар.
Сүйгөнүнө жеталбай зоодон учуп өлгөн бар.
Бул Алланын буйругу жүрөк сыздап өткөн бар.

Онтоп он жыл төшөктө мен өлөйүн деген бар.
Күч кубаты белинде жүздөн ашкан чалдар бар.
Бул Алланын буйругу узак өмүр жашаган.
Акылы тетик даанышман көп жашасын аталар.

## БАЛАМДЫН ЭЛЕСИНЕ

Сагындым балам элесиңди.
Сагынсам бир кайрылып келесиңби?
Элесиң көз алдымда эркелеген.
Жол карап күтөм сени билесиңби?..

Түндө сен түшүмө киресиңби.
Жатканда кудайдан күндө тилеп.
Ар күнү дуба кылам сезесиңби.
Күндө күтөм түшүмө киресиңби.

Көргөндө досторуңдун бирөөнү.
Томсоруп туруп калам сезесиңби.
Айла жок бир карап сүрөтүңдү,
Дудук болуп туруп калам билесиңби?

Ар күнү дуба кылам күтөсүңбү.
Айла жок көрүүгө элесиңди.
Жыл өтүп жолугарбыз сезесиңби.
Бир күнү барып калам күтөсүңбү.

Жылдар өтүп мен улгайдым билесиңби,
Көзүмдөн жашым агат сезесиңби.
Жүрөгүмө салган отуң алоолонуп.
Сен менден узап кеттиң билесиңби?

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖАЙЛООСУ

Асман ачык терезени ачкандай.
[illegible] [illegible] ай шооласын чачкандай.
Түн киргенде чегирткелер үн катып.
Кудум эле кыяк үнүн тарткандай.

Гүлдөр жайнап кызыл-ала жымырап.
Бал аарылар гүлдү соруп канышат.
Жашыл арча там-туң баскан баладай,
Булбул үнү безеленет басылбай.

Аска зоолор бой тирешип тизиле.
Ак сакалдай келгиле деп keриле.
Мөңгүлөрү аппак шуру таккандай.
Кыргызымдын кыз келини өңүндөй.

Дартка даба мөңгү аккан суулары,
Каалгый оттоп жан-жаныбар кийиги.
Таттуусун ай, жаңгак, бадам, мистеси,
Бейиш төрү кыргызымдын жайлоосу.

Келгиле деп коноктоорго кол сунган.
Коюн союп боорсокторун мол тарткан.
Кымыз, балын дасторконго жайнатып.
Пейли кенен кыргызыма мактанам.

## ОШУМ МЕНИН

Ордолуу Ошум менин,
Ооматың келди сенин.
Меймандос Ошум менин,
Зоболоң бийик сенин.

Тарыхың улук сенин,
Тумарым Ошум менин.
Дөөлөтүң бийик сенин,
Ыраазы элиң сенин.

Меккедей улук Ошум,
Ыймандуу элиң сенин.
Ак-Буура дарыядай.
Тамырлаш элиң сенин.

Сулайман пирим менин,
Сыйынат элиң сенин.
Алладан перзент тилеп,
Сыйлыгын берген пирим.

## СУЛУУ КЫЗ

Айдай чыккан жамалың,
Ай нурундай ачылган.
Көгүш түстүү көйнөгүң,
Топ жылдыздар чачылган.

Тагдырың кайсыл жерде экен,
Кайсыл жигит алды экен.
Күн чыккандай ачылган,
Күндөй сенин мүнөзүң.

Кызыл түстүү көйнөгүң.
Аппак гүлдөр ачылган.
Мөөрдөй сулуу кыз экен.
Кай жерден бакыт тапты экен.

Тал чыбыктай ийилген,
Сенин олоң чачтарың.

Коргон жигит суктанат.
Учкан куш менен жарышып,
Сони ойлоп таң атат.

Корсөм деп көзү төрт болуп,
Таанышууга ашыгат,
Ай перидей сулуу кыз.
Сыр алдырбай назданат.

## ЖАЗ КӨКТӨМҮ

Жазда жамгыр жаады.
Кыз чачынан куюла.
Ак мончок тагынгандай.
Моюн ылдый куюла.

Күркүрөгөн өткүн өтүп.
Кызгалдактар ачыла.
Жаш баладай ыйлап ийген.
Күн эркелей ачыла.

Карап туруп терезеден.
Сулууланган жаз айга.
Жаратылыш мынча кооз.
Кыз боенгон жаз айга.

## КЕЛИН КЕЛДИ

Көшөгөсү көгөрсүн келин келди жар, жар ай,
Күйөө балдар турушуп бий-бийлөшсин жар. жар ай.
Кыз жигиттер бийлешип чер жазышсын жар. жар ай,
Эки жаштын бактысын кудай өзү жалгасын.

Ак көйнөгү ак куудай келин келди жар, жар ай,
Кол көтөрүп кайната дуба берсин жар. жар ай.
Көшөгөсү көгөрсүн келин балам жар. жар ай,
Ак шөкүлө келиндин жүзүн ачсын кайнене.

Чачыласы чачылып той башталды жар.жар ай.
Баары тилеп ак бата бий-бийлешсин жар.жар ай.
Мээр төгүшүп кудалар сый урматта болушсун.
Тойлор тойго уланып ынтымактуу болушсун.

Кыргызымдын кыздары багы ачылсын жар.жар ай.
Алп Манастын урпагы көбөйүшсүн жар.жар ай.
Эне ата кубанып, дуба берип жаштарга,
Салтанаттуу шаң менен улана берсин майрамга.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Кыргыз жерим кең пейил өз мекеним.
Ала-Тоом аска зоолор карегим.
Сары-Челек. Ысык-Көлүм чалкыган.
Дарысың дарыгерсиз айыктырган.

Мекеним айтып бүткүс жерлериң бар.
Жер байлыгың түгөнгүс кендериң бар.
Жер астында кара алтының эч түгөнбөйт.
Көлкүп жаткан жана башка кендериң бар.

Кудай берген жеримди сактайлы.
Кыргызымдын бейиш төрүн барктайлы.
Келген конок суктанып таң калышсын.
Башка өлкөгө жашыруунча сатпайлы.

Кара-Шоро суусу дары дартка даба.
Соң –Көлүң чалкып жаткан таза аба.
Арстанбап жер сулуусу шаркыратма.
Жаңгак. бадам. мистелери каптарда.

## ӨМҮР БИР КЕЛЕТ

Өмүр бир келет жашагын күлкү менен.
Өксүбөгүн бул жашоодо арман менен.
Эмгектен, таза иштеп жалкоолонбо.
Колуңдагы ооматты качырбагын.

Өмүр бир келет тазаргын ыйман менен,
Калп сүйлөбө жашагын чындык менен.
Жашооңдо жакшы сапат ишиң калсын.
Аткарган эмгегиңди эл баркtасын.

Өмүр бир келет сыйлагын урмат менен.
Сыйласаң сый көрөсүң кызмат менен.
Эч качан өзүңдү өзгөлөрдөн бийик көрбө.
Өксүбөйсүң жашайсың бул дүйнөдө.

Өмүр бир келет жакшы жашоо менен,
Кара акты таразалап ыйман менен.
Таза жашап ак эмгектен үзүр таап.
Жашайлы кудай берген өмүр менен.

## НАМАШАМ ГҮЛҮ

Намашам гүлү жакшы көрөм өзүңдү,
Буркурайсың жыттанып нур жүзүңдү.
Бирден терип мончок кылып тагайын.
Сен өзүңдөн бир кумарым жазайын.

Намашам гүлү эрте таңдан кабагың.
Сен жүзүңдү күн чыкканда жабасың.
Сенин сырың өзөгүңдө катылуу.
Күн тийгенде неге жүзүң жабылуу.

Ай чыкканда сен кабагың ачасың.
Нурданасың бир кабагың салбайсың.
Кечки шамдан ачылып таң атканча,
Кулпунасың, нурданасың сулуулана.

Мен уктабай сүйгүм келет өзүңдү.
Карай берем назик жыттуу өңүңдү.
Арбап алган сенин таттуу жытыңды.
Моокум кана кучактайын өзүңдү.

## БАТКЕНИМ

Баткеним сени кимдер сагынбасын,
Аска зооң кең жайлооң кагылайын.
Өрүк зарлуу, алча багың көлөкөлүү,
Терип жесең мөмөлөрү берекелүү.

Сулуулугу Суу – Башы агып жаткан,
Суктанасың көлүнө шарпып аккан.
Малчылары коюн жайып жандап жаткан.
Кең жайлоо, кучак жайып таң калтырган.

Келсин адам Айгүл гүлүн көрүүгө,
Гүлдү сүйгөн Айгүл сүйүп өбүүгө.
Тоого чыксаң гүлдү жыттап аласың.
Гүлдү көрсөң бир кумардан чыгасың.

Эли ток Баткеним меймандостуу,
Кеңеш берген акылман аксакалдуу.
Ишенемин келечекте өнүп-өсөт.
Жаш шаарымда инсандар көп ардактуу.

## ЭНЕ ДЕГЕН

Эне деген түйшүгү көп баарын көтөргөн,
Таң [illegible] жумушта кай бир кезде жөтөлгөн.
Мен жебеймин балам нанды жесин деп.
Ырыскысын өзү жебей тең бөлгөн.

Эне үйдө жумуш менен күнү өткөн.
Тыным албай нанды жаап түйшөлгөн.
Мен ичпеймин балам сүттү ичсин деп,
Ооруса да өзү ичпей көшөргөн.

Эне баатыр бала үчүн береке.
Бала үчүн сыздап турат жөн эле.
Түмөн-түйшүк тартса дагы энеке,
Эч билгизбей күлүп турат энеке.

Эне күтөт баласын тыным албай.
Тамак жебей, санаа менен эшик карай.
Алаксып калдыбы деп иштер менен,
Эсен соо келсе экен деп,- жол карамай.

Ененин таманында бейиш деген.
Эне кут берекесин дайым берген.
Түн уктабай бир күн эмген сүтүн актап,
Сыйлайлы аты улук ыйык сөз эне деген.

## БАДАМ ГҮЛҮ

Эрте жазда бадам гүлү ачылат,
Булбул үнү бөзеленип басылбайт.
Таң эртеден сүйүнчүлөп жазайын,
Келген куштар чар тарапка учушат.

Эрте көктөм буудай төгүп энелер,
Жакшы тилек дуба менен келиңер.
Түн уктабай тилек кылып Алладан,
Эл тынчтыгын суранышып кудайдан.

Эрте жазда ачылган бадам гүлү,
Жаз сүйүүсүн ойготтуң ачып гүлүң.
Казан толо кайнаган сүмөлөктү,
Бата менен ачышып чоң дөөлөттү.

Эрте таңдан бадам гүлү ачылган,
Жер жашарып жашыл майса жамынган.
Дуба берип аксакалдар апалар,
Бадам гүлдүн назиктигин даңктаган.

## ШҮГҮР КЫЛАМ

Жаралып адам болуп калганыма,
Шүгүр кылам айбан болбой калганыма.
Аллахым ыйман берип акыл берген,
Инсандык сапат менен калганыма.

Таза жеп акыл менен ишти кылам,
Отуруп бир кудайга дуба кылам.
Шүгүр этем балалуу болгонума.
Ыраазымын мусулман болгонума.

Шүгүр кылам барга көппөй, жокко чекпөй,
Деним таза балдарыма көңүлүм ток.
Кең дүйнө чалкып жаткан ааламына,
Кулач жайып учуп барам көпөлөктөй.

Ыраазымын миң мертебе жаратканга,
Эне болуп кыргыз болуп калганыма.
Жер суусун ырыскысын төгүп берген.
Шүгүр кылам мээримдүү жаратканга.

## БАЛДАРЫМДЫН АТАСЫ

Күндөр отту жылы ойланып билинбей,
Кырк жыл толуп биз жашадык чөнөбөй.
Жамгырын да ношорун да өткөрдүк,
Чиркин дүйнө отту өмүр көзгө илбей.

Балдарымдын атасы иштен келсе,
Неберелер жүгүрүп алдын тосот.
Чуркурашып баардыгы эркелесе,
Чаалыкканы жазылып күлүп коет.

Балдарымдын атасы биз сыйлаган.
Кусаланып ойлонсом кокусунан.
Сурап турат ал жайымды чебелектеп,
Энекеси сен ооруба үмүт эткин балдарыңдан.

Балдарымдын атасы менин бактым.
Нечендеген белести бирге бастым.
Ден соолугу чың болсун жашасын көп,
Жараткандан жалбарып суранамын.

## ДУБА КЫЛАМ

Дуба кылам Аллага баарын тилеп,
Кыргызыма бакубат жашоо тилеп.
Эли журтум болсун аман кубат бергин,
Башчыларга ынсап менен ыйман бергин.

Таң эрте эшик ачам аалам карап.
Балдарыма дени соо ыйман сурап.
Аллахым ырыскысын берсин кынап.
Ээ кудай болушсунчу өмүрү узак.

Эне бул бала үчүн аккан кумбу,
Журт үчүн терин төккөн эне кутпу.
Дуба кылам баарына ыйман тилеп.
Кудай таалам элиме бергин кутту.

Дуба кылам элиме тынчтык каалап.
Эч урушпа ынтымак сен туугансың.
Ырылдашсаң ырыскың качат баары.
Түгөл болбой калат ко чачыранды.

## КҮН

Күндү кудай жараткан бул ааламга,
Нурун чачат эч ылгабайт баарына.
Күндө жок чыккынчылык пендезаттай,
Күндөн алат күч кубат жашоо шартка.

Эрте таңда тосомун чыккан күндү,
Дуба кылып тилеймин жаратккандан.
Кыбыр эткен бардык нерсе дүйнөдөгү,
Жалгыз гана дем алат күн табынан.

Кыялымда көк асманга учкум келет,
Чабыттап куш сыяктуу көкөлөсөм.
Күн нуру жер бетине тегиз тиет,
Адам жашайт бул дүйнөдө керемет.

## КОШУНА

Жакшы болсо жанындагы кошуна,
Бир туугандай олтурасың созула.
Оорул калсаң жетип келет жаныңа,
Эч билинбейт энең жогу кашыңда.

Эрте таңдан үнү угулат кошуна.
Жакшысы да жаманы да кошула.
Жапса нанын ысыгында узатат,
Ырыскысын бөлүп жеген кошуна.

Укпай калсам үнүн анын шашылам.
Каякадыр кетти экен деп кошунам.
Бир туугандай болуп эле калыппыз.
Жакшылыгын тең бөлүшкөн кошунам.

Жакшы жаман күндөрүмдө кошунам,
Жакшы жагын даңазалайт кошунам.
Кокусунан кырсык болсо кокустан,
Тууганыңдан мурда келет кошунам.

## НАН

Нан улук баарынан ырыскыбыз.
Нан болсо көңүл шаң ырдайбыз.
Балабыз мекен коргоп сапар алса.
Нан тиштетип, сактап койгон адатыбыз.

Бешикте ымыркайлар уктап жатса.
Коорутуп нан коебуз баш жагына.
Нан ыйык кадырыңа жетсек кана.
Кор болгон нан ысырап таштандыда.

Нан, туз, убал деген сөз тээ зэелтен,
Кор болосуң нанды сен тебелесең.
Нан убалы койбойт эч убакта,
Абайлайлы нан ырыскы аны жесең.

Кордобогун жаштарым ырыскыңар,
Жеген наның, суу ырысың жашайсыңар.
Нан ушагын алаканда барктайлы,
Жашоо болбойт биз эгер билсек аны.

## УБАЛ КЫЛБА НАНДЫ

Кичинемде атакем башым сылап,
Нанды ушатып таштабасын убал кылып.
Көрбөгөнсүң кызым кыргын ачарчылык.
Жарты нанга зар болгон ачка калып.

Пейли кең Аллахтын пенделерге.
Токчулуктун ачы болот билгендерге.
Карап туруп зээниң кейип адамдарга,
Нан берип бордоп малын баккандарга.

Ата сөзү акыл кеби жүрөгүмдө,
Таштандыга нанды кошо төккөндөргө,
Пешенеге коюп, өөп алган нанды жерден,
Даанышмандар аман жүрсүн акыл берген.

## ЖАКШЫ АДАМ БОЛОЛУ

Жүрөк тарыйт бирөөлөр иштеп тапса,
Мээнет менен короолоп мал айдаса.
Ичи тардык аккан суудай боло албайбыз,
Бир улак багалбастан, аны неге көралбайбыз.

Той жасап, дуба алып, ашын берсе,
Баласы эркелетип ата-энесин алып жүрсө.
Неге биз жүрүүгө кең боло албайбыз,
Той берсе бирөөлөрдү көралбайбыз.

Беш кол тең эмес, адам баары,
Жакшы жаман аралаш адам дагы.
Ичи кара, көсел болсо адам дагы.
Дарысы жок, айыкпаган жаман жагы.

Эгер бирөө чоң бийликке көтөрүлсө,
Эл башкарып жакшы жакка ал үндөсө.
Баракелде иш билги деп колдобостон.
Жеп ичээр, кетсин дейбиз ал сүйлөсө.

Жүрөктү кең кылып кең бололу,
Ак караны айырмалап тең бололу.
Ичи тар көрөзгөйлүк жаман адат,
Пейилди оңдоп жакшы адамдан бололу.

## ОЛУЯ АТА

Тоого чыктык баарыбыз эс алганы,
Кең жайлоо аба таза Олуя-Атаны.
Арчалар тизилген тоо боорунда,
Чындык гүл ачылыптыр куллунганы.

Жамгыр төктү басылбай эрте кечке,
Чартылдаган чагылган жарк эткенде.
Аба таза жапжашыл гүл аңкыган,
Суктанасың ааламдын жаратканы.

Азиз жер деп, келген конок зыяратка,
Тилек кылат баарысы бир Аллага.
Келген конок үзүп алган арчаларды,
Колдо соолуп чындык гүлү ыйлаганда.

Баары алып арча кайрып бутактарын,
Ысырык салабыз деп ал шактарын.
Эне баш, салышканы калта капка,
Жашыл арча сыздап-сыздап ыйлаганы.

Ар жыл сайын чындык гүлү гүлдөп турса.
Келген конок үзбөй аны колдоп турса.
Жыл сайын көркүнө көрк кошулуп.
Бутак сынбай жашыл арча бүрдөп турса.

Колдон келсе бир көчөт эксек кана,
Ыпыратпай отурсак кармап таза.
Олуя-Атанын касиети колдоп турса.
Тилегибиз Алла берип орундалса.

## КҮМҮШ КҮЛДӨ ЖАЛТЫРАЙТ

Жаз сулуусу бир керемет сезгенге.
Кереги жок боектун билгендерге.
Сулуу кыз жаз сыяктуу кызыл гүл,
Ким сукганбайт ал сулууду үзгөнгө.

Жаратылыш гүлдөрү түркүн түстө,
Ачылышат куппунуп жигит сүйө.
Боенушат көп кыздар ченден чыга,
Кереги жок боектун жаш сулууга.

Ар кыздын мүнөзү бар ар башкача,
Боенггону ашыкча ал кандайча.
Күмүш күлдө жалтырайт билсең эгер.
Куппунган гүлсүң сен таң шоолада.

Токтоо мүнөз болгула деген элде,
Капа болбо кыздарым энелик оюм менде.
Күмүш күлдө жалтырайт деген элде.
Айтып койдум бир сабак жаз келгенде.

## НАЗ ЭРКЕМ

[illegible] эрке кызым Назэркем,
Тили ширин баарынан эноо деген.
Таң эрте туруп келет чурулдап.
Кереги жок сааттын да карай берген.

Көрбөй калсам сагынам Назэркемди.
Акча сурайт балмуздак апкелгени.
Күндө күтөт атасын эшик карайт.
Чуркап женөйт атасынан конфет сурайт.

Бийлеп кирет кара жорго бийине,
Ырдап коет түшүнбөйм ал keриле.
Чачын тарап түркүн-түс жоолук байлап,
Мода болуп көрсөтөт чимириле.

Ыйлаганда жанга тиет бакырганы,
Кежирденип өзүмчүл бир алаамат.
Бөбөктөрдөн баарынан өзүн гана,
Баш ийбейт башкасына башкарганы.

Тамга айтат теле көрүп Акылайдай,
Санап кирет манжаларын көзү жайнай.
Парасаты баарына жетип турат.
Үмүтүм чоң өсө берсин толгон айдай.

## ЭНЕЛЕР АМАН БОЛСУН

Ааламга тең акылман энелерим,
Боору кең бүт өлкөмө тең келерим.
Энедей теңдеши жок мээрин төккөн.
Бар болгула мээримдүү энелерим.

Эне болсо үй жарык нурун чачкан,
Уулу келсе кучак жайып көңүл ачкан.
Энесиз кызыгы жок бул дүйнөнүн,
Мээрим менен бекемдеген үй-бүлөнүн.

Сөз жетпейт энеге аалам дастан,
Баатырдыгы эненин канча айтсам.
Жаралган нечен баатыр канча аалым.
Баардыгын эне баккан анын баарын.

Энелер оорубастан аман жүрсүн,
Баш болуп маанай менен күлүп жүрсүн.
Мээрими кучак жайып бала сүйгөн,
Өмүр сүрүп балдарынын сыйын көрсүн.

## ЗАМАНЫБЫЗ

Жаштарыбыз чет өлкөгө тарап кетти,
Иш издеп эне таштап дүйнө кезди.
Кайран жаштык Ала-Тоом өз мекенде,
Куса болуп иштеп жүрөт бөтөн элде.

Бөбөк ыйлап караган чоң энеде,
Көп кабышып карыганда колу белде.
Жазыгы не эненин жаш ападай,
Кирин жууп, камыр ийлеп бала белде.

Балаңды бак эркелетип өз колуңда,
Кыйнабайлы энени күч тайганда.
Кыргызда жок эне таштап бакпай кеткен.
Сый үстүндө олтурсун эне деген.

Заманыбыз оңолсо жаштар кетпей,
Көздө жашы баласы зарлап күтпөй.
Өз мекени Ала-Тоо эне-атадай,
Жумуш көп жериң багат өгөйлөбөй.

## КЫЗЫЛ ӨРҮК

Кызыл өрүк жайнап бышкан.
Кыздар күлкү өрүк жыйган.
Берекесин берген өрүк,
Кырман четтеп өрүк сыккан.

Дартка даба өрүк деген,
Көп ооруугa даба экен.
Таттуулугу тилди жарган,
Өрүк жесең сонун экен.

Өскөн жери Баткен деген,
Гүлдөп турса кардай экен.
Ашык болуп башка өлкөлөр,
Эңсеп ага жетпей келген.

Дүйнөгө аты кетти кызыл өрүк,
Таберик сатып жешет курук өрүк.
Терип жейбиз башынан колго үзүп.
Теңир берген баа жеткис кызыл өрүк.

## АПАЛАРЫМ АМАН БОЛСУН

Апаң болсо жакаң аппак агарар,
Үйүң жарык нур төгүлүп жарытар.
Апа күлүп бала сүйсө баш сылап,
Кучактасаң жыты моокум кандырар.

Апа сүтү мээр берип балдарына,
Апа болсо мен бактылуу бүт баарына.
Келин алса кызы болот кайненеге,
Мээр төгүп келинине болот эне.

Апа болот баарына мээр төккөн,
Дөөлөтү балдарына үйү толгон.
Жарыгы күндөй болуп тийип турган,
Апа болсо тоодой байлык үйүп турган.

Апа жүрөк ааламга тең караган,
Ападай асыл зат жок бул ааламда.
Сыйласак апаларды мээр берген,
Таманында апалардын бейиш деген.

## БАЛДАРЫМДЫН АТАСЫНА

Өмүр шерик балдарымдын атасы аман болсо,
Оорубайлы балдарыбыз аман жүрсүн.
Неберебиз он бир болду уул-кыздан.
Үйүм толо базар болду короон толо.

Эсен болсун балдарымдын атасы бактыбызга,
Түбөлүккө бирге болуп баарыбыз ынтымакта.
Кучактаган неберелер чуруддашкан,
Ата-энелеп мойнубузга асылганда.

Жакшы ата балдарына мээр төккөн.
Тайата, тайне болдук бала өпкөн.
Балдарымдын атасы аман болсун,
Карылыктын доорун сүрүп бактыбызга.

Өмүр шерик изденебиз көрбөй калсак,
Чай өтпөйт тамактан, күтүп калсак.
Жаш баладай кежирленип жини келсе.
Унчукпай чыгып кетем жазылганча.

Өмүр шерик балдарымдын атасы аман жүрсүн,
Дөөлөтүбүз үй-башчыбыз сыйлуу болсун.
Бир көрөлү таттуу турмуш доорун сүрүп,
Бактыбызга балдарымдын атасы аман болсун.

## АПАМА

Алтыным асыл апам карегимсиң,
Өрүк как данектерин тизмелейсиң.
Апыска алтын кызым түшкөн го деп,
Санааркап сен мага илингенсиң.

Айланайын апакем тумарымсың,
Ойлосом ким мага санаа тартсын.
Өрүк курут, зире, күлчө жаап келген,
Апакемдей ким мага илине алсын.

Алтын апам сен дайым жүрөгүмдө,
Санаа тартып бала үчүн ойлоп күндө.
Апа жүрөк согот экен бала үчүн,
Бейиште жүрсө деймин оо дүйнөдө.

## ТҮШҮМДӨ КӨРДҮМ АПАМДЫ

Апакем насаатынан алдым сабак.
Кем болбодум кичи пейил болдум ынак.
Сыйлаймын кайын журтум тууганларды,
Баары ынак сыйлашат мени дагы.

Түшүмдө апам жүрөт, жаңы көйнөк аппак гүлдө.
Кызыл кемзир ак түймө, колдо сөйкө.
Жүрүптүр жашыл шибер кең талаада.
Жоорудум жүрсө керек бейиште апам көктө.

## ТҮРКҮН ТАГДЫР

Баары бүтүн түгөл жок ааламда,
Кеми болбойт адамдын ар башында.

Телегейи тегиз эмес үй - бүлөдө,
Түркүн-түркүн тагдырлар бар адамда.

Калем кармап ойлуу жазам,
Түркүн тагдыр ар адамдан.
Бүтүн эмес жүрөк дарты,
Санаа тарткан түркүн арман.

Жокчулук кээ-бирлерин мүдүрткөндө,
Ток жүргөн төшүн кагып ал кепкөндө.
Карыз акча шаштырып жүрөк эзип,
Бирөө жүрөт курсак тойбой көчө кезип.

Бири ыйлап тагдыры талкаланса,
Бири күлүп баары түгөл жашоосунда.
Бала жок бир перзентке зар болгон бар,
Кээ бири төрөп салган таштандыга.

Ыйлашкан ата өтүп эне көмгөн,
А балким, баласын эне көмгөн.
Табигаттын кырсыгынан же башкадан,
Үй-жайы кыйрап калган аттиң арман!

## ЖАЗЫМ КЕЛЧИ СҮЙҮҮЛӨРГӨ ТОЛТУРА

Жазым келген гүлүн ачып адырга,
Жаз жамгырым себеленген бул айда.
Кыз жандап назик көңүл эки жашта,
Жигит колу кыз чачын сылаганда.

Ойгонот бүт жер жашыл өнүп чыккан,
Кыз бурак күлкү шаңы жаңырткан.
Күлпүнүп жасанышып жаздай болуп.
Сулууланып улан-кыздар шарактаган.

Жазда сүйүү келчи кол кармашып,
Эки жаш шамал жиреп кубалышып.
Табышып жазда сүйүү махабатын.
Кылымга бекем болуп багын ачсын.

Жазым келчи жадырап баары күткөн,
Эсте калган өткөн жаз жаш сүйүүдөн.
Күн санап дайым күтөм көктөм жазды,
Эстешип тапкан сүйүүм ошол жазды.

## ЖАШТЫК СҮЙҮҮ

Ойлоймун жашым өттү сен күткөн,
Жүрөк жаш ошол бойдон тез-тез соккон.
Келбедиң бир кайрылып сүйсөң эгер,
Жаш бойдон элестетем жылдар өткөн.

Ойлоймун сен улгайбай ошол бойдон,
Жолумду бөгөп күтсөң көпүрөдөн.
Мөлтүрөп жаштык кезим ченебестен,
Сүйүүдүн баркын билбей кете бергем.

Ойлоймун өткөн чакты жаштыгымды,
Бийик кармап өзүмдү же жаштыгымбы?
Күндө келсең алыстан күтүп самап,
Кете бердим кылчайбай чачым сылап.

Эстейм азыр күйүп жандың жылдар бою өзүмө,
Бактылуу бол, өткөн чак, сен сүйгөн кызыл гүлгө.
Таптым мен да өз гүлүмдү сүйүүмдү тандаган,
Бактылуумун эне, тайне, мөмөлүү бак шактаган.

Ойлоп койдум карыганда жаштык кезди,
Жазып койдум тээ эзелки бир жигитти.
Жүрсө керек ал дагы мен сыяктуу,
Бар болсунчу ал күндөр алыс кетти.

## ОКУУЧУЛУК КҮНДӨР АЙ

Окуучулук кандай сонун керемет,
Ойлонбойсуң эч нерсени ал кезек.
Парта, мектеп, кандай сонун ырахат,
Окуучулук келген жаздай сезилет.

Шашып келип эрте таңдан сабакка,
Кечиккенде шылтоо айтып агайга.
Переменде ызылдашып сөз бүтпөйт,
Кандай сонун окуучулук күндөр ай.

Оюн күлкү же таарынып ыйлаган,
Он жыл бою бирге өскөн туугандан.
Көрбөй калсак сагынышып калабыз,
Кезиккенде сөз түгөнбөйт бул арман!

## ТАБАР БЕКЕМ

Табар бекем өткөн күндү айланган,
Өттү өмүр канча түйшүк байланган.
Бала бакыт тиричилик түйшөлткөн,
Билбей калдым жаш өткөнүн шар аккан.

Уулдарым бой тиреген жаш жигит,
Чырпык өсүп чынар болуп бой тирейт.
Кызым апа, бала багып бешик термеп,
Баарысы тең бактылуу өмүр сүрөт.

Табар бекем жаш кезек ошол күндү,
Кара чачым ак болуп ойлоп күндү.
Тырыш баскан кебездей болуп өңүм,
Илкий басып ойлоном ошол күндү.

Жесең тойбой, иштесең чарчабастан,
Нан жапкам күн чыкпай таң азандан.
Түмөн түйшүк беш бала канча ишти,
Сезбепмин «ох» дебестен кайталаган.

Табар бекем ошол күн келсе кана,
Бактылуу күн бала менен таттуу гана.
Башын сылап бир дасторкон жан жагымда,
Бала кездей олтурса экен жанымда.

## ӨТКӨН ЖАШТЫК КИМГЕ КАНДАЙ

Ар тарап күлкү бакыт нурдай,
Назик, таза, жаштык суудай.
Карасаң аккан сууга суктанасың,
Суугарсаң баары гүлдөп кубангандай.

Жаштык өмүр кимге кандай,
Баары керек жашоодо таза абадай.
Өтүп кетет күлгүн жаш учкан куштай,
Жамгыр күткөн талаада гүл кайырдай.

Жаштык өмүр кимге кандай?
Эркелеп жаштык өтсө жыргалдай.
Дүйнө тынч күн шооласы тийген дайым,
Балалык кез оюн менен жаштыктай.

## ДУБА АЛСАК

Ишин кылсак карынын,
Кол узартып жашынын.
Дуба алсак карыдан,
Кем болбойбуз баарынан.

Наалат албай бата алсак кана,
Ыйык бата берсе ата.
Акыл берип насаат айтып,
Уксак сөзүн аталардын.

Кем болбойбуз ак батадан,
Ак сакалдуу чоң атадан.
Кичи пейил салам берген,
Ыйманы бар жаштардан.

## АЙЫЛДАГЫ АПАЛАР

Аксакалдар топтолду күндө свет өчкөнү,
Жаннат, Апиза, Абиба дагыээрчип төртөөсү.
Эрте кечтен свет жок караңгыда күймөнүп,
Чай ичерге кыйналдык тезек терип темселеп.

Кандай заман болду экен? Бакиевдин заманы,
Бардык башчысына, билейин деп себебин.
Кыжырданган апалар жетип барды РЭСке.
Булкунушуп жулкунушуп  мекемеге киришсе.

Отуруптур башкы эсепчи, жетекчиси жок иште,
Билбегендей таң калып эч бир нерсе.
Бабалардан калганбы жакшы сөздөр,
Баары чын жашоодогу бул себептер.
Өткөрөсүң жакшы-жаман бул турмушта,
Баары келет баштан өткөн айткан кептер.

Ойлонбойбуз каталыкты кетирсек,
Кол булгап кетебиз уксак-сезсек.
Макал айткан сөзү келет бабалардын,
Өкүнөбүз артка кайтпайт ал чактардын.

Кур намыска төштү кагып мактанабыз,
Колдон келбес ал ишке не барабыз.
Орунсуз адашкан улан-кыздар,
Сөз укпай ара жолдо ташталабыз.

Күн чыкса жарк этип батат кайра,
Түн кирип караңгы тартат кайра.
Бабалардын айткандарын сөзүн уксак,
Жамандан алыс болуп жакшылыкка жанашсак.

Бабалардын кайда калды маанилүү сөз айтышкан,
Арабыздан канчалары өтүп кетти насаат айткан.
Жакшы сөз калат жакшы атадан,
Жардамы тиет акылдуу кеп уксак андан.

## СҮЙҮҮ ТАЗА

Сүйүү жашоо чындык таза акылдан,
Урмат менен бирин-бири сыйлаган.
Ким бирөөлөр өзүн өзү кыйнаган,
Өз сүйүүсүн өгөйлөп таштап салган.

Сүйүү жумшак сылык сөз аярлаган,
Бирин-бири түшүнүү сөз биларман.
Таттуу сөз бал тилдеги сүйүүнүн махабаты,
Соруп алат гүл сүйүүгө конгон аары.

Сүйүү таза канча адам билбеген,
Какшап ырдайт обон салып жетпеген.
Баарын билсек ак сүйүүнү ардактап,
Бир өмүр таза сүйүү баркын билген.

Сыйлайлы назик сүйүү ыйлатпастан,
Жашарсын сүйүү гүлү кайгырбастан.
Өмүр бою ак сүйүүнү карытпастан,
Сүйүү берсек мээр менен ал жарашкан.

## АТАЛАР

Кан майдан кечкен аталар,
Көздө жашың кан төгүлгөн талаалар.
Жигит кезиң кыз сүйбөгөн далайың,
Жеңишти ойлоп тылда жүрөт апалар.

Дайны жок канча аталар келбеген,
Эне ыйлап, боор сыздап, балам деген.
Келин күткөн түгөйүнө жазып катын,
Ай караңгы бөлмөдө күтүп жарын.

Бала күткөн атасын сыздап ыйлап,
Жетим калды канчасы боздоп-сыздап.
Энелерге таазим кылам өмүр бою,
Үйдө эне, талаада күрөк кармап иш улаган.

Өлүмгө тик, жеңген фашисттерди,
Туу көтөрүп кубанган жигиттерди.
Көкүрөгү орден менен толтура,
Намыска бек жеңишке кубандыңар.

Мына азыр аталар, көрүп неберeңер,
Айланып урмат кылат чеберeңер.
Тынчтык болсун балдарынын бактысына,
Эсен жүрсүн кутубуз силерсиңер.

## СУЛУУГА

Сулуусуң сулуулугуң баркын бил,
Суктансаң жылуу сөзү арбап дил.
Көп сулуу бактысыз бул турмушта,
Сулуу гүлдү ыргыткан таштап чаңга.

Чаң гүл, кимге керек таштап салган,
Аярлап аны алган жок баалабаган.

Карап тепсеп өтө берет алды жакка,
Ыйлаган шордуу гүл соолуп чаңда.

Өз баркыңды билгениңде сулуусуң,
Ордуңду тап турмуштан болгун ак куу.
Бактылуу байбичесин урматтаган,
Аялсың эне бүчүр алып ташталбаган.

Гүлсүңөр кыздар сулуу энесиңер,
Мисал кылдым мен гүлдү билесиңер.
Жаштыкта эч каталык кетирбестен,
Ойлоп баскын сулуулар эрчибестен.

Жаштыкта эч билбейсиң кылсаң күнөө,
Күндө той ээрчинишип болуп бүлөө.
Артыңдан дак калбасын улгайганда,
Адепсиз деген сөзгө эч илешпе.

## ӨГӨЙ ДЕБЕ БАЛАНЫ

Өгөйлөбө баланы сыздатпастан,
Эне өлсө не айып кор кылбастан.
Балаң бар атасы бир эне башка,
Тууган бар бардыгына мээр тарткан.

Өгөйлөбө баланы боор баскын,
Ата өлсө не айып кор кылбагын.
Балаң бар эне бир ата башка,
Туугандардын каны бир жат кылбагын.

Ата-энелер тереңирээк ойлонсок,
Балдарды өгөйлөбөй бирдей болсок.
Табышат бир туугандар чоңойгондо.
Ажыратпай эки жакка бирдей болсок.

Энелер өгөйлөбөй мээр берсек,
Аталар баш сылап балам десек.
Бала болот бир тууган ага-ини,
Же карындаш болушуп эже-сиңди.

Көп көрөм жетимдерди ыйлаган,
Жегени көп көрүнүп капаланган.
Басса кыйшык турса өпөк.
Эч батырбайт баланы бөлүп турган.

Ата келсе өгөйдү жамандаган,
Же өгөй, ата баланы сабалаган.
Атадан же энеден айырбасын,
Ажыратпай баласын өзү баксын.

Сынагыбы Алланын өлүм берген,
Өгөйлөсөң тартасың кезек менен.
Карыганда кор болуп баш иейсиң,
Өзүңкү эмес өгөйдөн аш ичесиң.

## БИР КЕЛЕСИҢ ААЛАМГА

Жер берет баарын жараткан адамга,
Тоюндуруп кийинтип адам кылат ааламда.
Төрөлөт көбөйүшүп жерге батпай,
Жер талашып жаман сүйлөп батышпай.

Жер эне сезсе керек жамандыкты,
Жер силкинип жутуп салат жамандыкты.
Байлыгына чиренген көптөрү бар,
Биреөнүн байлыгына ичтери тар.

Ыйман берип чындык үчүн ак сүйлөсөк,
Байлык дебей бир күндү күлүп сүйсөк.

Адам болуп сыйлашсак аз өмүрдө,
Баары отот түркүк болбойт бул дүйнөдө.

Адам өлөт төрөлөт башка адам,
Жер төрөлбөйт түбөлүккө турат аалам.
Жакшысыбы, жаманыбы кетет бир күн,
Акыретти ойлойлу оо адамзат.

Жараткандын колунан келет баары,
Камыр кылып ийлеп коет бүт ааламды.
Кам сүт эмген адамбыз бул дүйнөдө,
Жашайлычы ынтымакта бир үй-бүлө.

## АЙЛА ТАПКАН АЙБИКЕ

Кызыл өрүк бышыптыр ийип шакта,
Жан талашып алам дейт кызым бакта.
Бою жетпей асылат өрүк шакка,
Мүдүрүлүп жыгылды тайып ташка.

Томолонгон Айбике ыйлабастан,
Таш ыргытты өрүккө кыйналбастан.
Учуп түштү жалбырак өрүк эмес,
Кайра ыргытты ташыны тажабастан.

Үргүлдөгөн Айбике нени издеди,
Таап келди бир таяк кай жердеги.
Ургулады өрүктү таяк кармай,
Кызыл өрүк жерге түштү жайнап-жайнап.

Терди өрүк сүйүнгөн этегине,
Өрүк таттуу бети шире жегенине.
Айла тапкан Айбике этегине,
Алып келди өрүгүн энесине.

## УШАКЧЫ АЙЫМ

Жаман адат бирөө сөзүн жеткирген.
Ажырашып бул турмуштан кетирген.
Какшаган бар бир туугандар сүйлөшпөй,
Бирин-бири душман кылып жекирген.

Достор бар ушак сөздөн ажырашкан,
Эже-сиңди ушак сөздөн жаңжалдашкан.
Коңшулар ырылдашып сүйлөбөстөн,
Эшик жаап док уруп терс карашкан.

Ушакчылар качан калат адатыңар,
Ушак айтсаң ачылабы кабагыңар.
Жаман адат сөз ташыган ар кимдерге,
Бирөө сени жакшы дебейт билгендерге.

Мис табакта ташыган ушактарың,
Кайтат сага таш болуп мис табагың.
Жүрөсүң жылма жылаан эл аралап.
Бирөөлөрдүн ырбатып чыр-чатагын.

## БАЙЛАРГА

Менменсибе канча бай болгон чакта,
Бой көтөрүп көзүңдү чел басканда.
Бардын жогу жоктун баары болот тура,
Бар байлыгың колдун кири экендигин унутпа.

Жөө-жалаң жүрсө дагы ал адам,
Үйүнө барсаң дасторконун мол салган.
Меймандос сылык-сыпаа кең пейил,
Калп сүйлөбөй чынчылдыгы үчүн адам.

Менменсинип жетсең дагы ай жылдызга,
Теңкөргүн баары бирдей бул заманда.
Ырыскысын терип жейт насибинче,
Жакшы болуу деген сөз бар аста-аста.

Жактырбай адам келсе кабак салган,
Калп сүйлөп конок келсе эшик жапкан.
Байлык кооруп уйку качып түн ортосу,
Байлар көп уктай албай таң атырган.

## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ

Кыргыз жигит төшүн ачып эзелтен,
Душманга тик тургансың кенебестен.
Шамал жиреп душмандан элиң коргоп,
Элиң үчүн өз төшүңдү окко тоскон.

Кыргыз жигит саяпкер күлүк талтап,
Чоң чабышта кыз куумай сулуу жандап.
Мүнүшкөр бүркүт салып аң уулаган,
Кыргыз жигит күрөшкөндө намыс алган.

Кыргыз жигит жеңип келген чет өлкөдөн,
Алтын тагып кыргыз желек желбиреген.
Кыргыз жерин көрбөгөн башка өлкөлөр,
Келишсин көчмөндөр оюнуна ар дүйнөдөн.

Кыргыз жигит сүйүүгө бек ар намыстуу,
Аксакалдан бата алган парасаттуу.
Көз тийбесин жоон билек кыргызыма,
Манас ата колдосун асабада.

## ЫРААЗЫМЫН

Ыраазымын миң мертебе жаратканга,
Келин кызым тилек кылат бир Аллага.
Көңүл улап кабагыма карап турат,
Тамак ашын көтөрүп күлүп сунат.

Ыраазымын эрте таңдан кабар алган,
Бетим сүйүп бала кыял мамалаган.
Чүрпөлөрүм кол сунуп турса дагы,
Халва сунат кичинекей неберем апалаган.

Балдарындай эркелеймин балдарыма,
Азилдешип онтоп калсам анда-санда.
Чүрпөлөрүм айланчыктап жан-жагымдан,
Жалооруп кысат мени кучагына.

Ыраазымын шүгүр айтам жаратканга,
Ойлоп көрсөм үйүм күлкү деним таза.
Уулдарым бактылуу өмүр сүрүп.
Жүрүшсө экен баардыгы ойноп күлүп.

## БИР ТУУГАНЫМ

Ала -Тоом бир тууганым алтындарым,
Аска зоом жөлөнгөн жакындарым.
Кабар алып канат байлап жетип келген,
Ак жоолук башка салып салам берген.

Кайда болсо аман жүрсүн кагылайын,
Кыз баладан кабар алган бир тууганым.
Ойлой берем аман болсун туугандарым,
Санаа тартам оорубасын жакындарым.

Бир уядан ээрчишип учуп чыкккан.
Ар кимиси үй-бүлөлүү бала баккан.
Балдарынан ызаат көрүп кыйналбастан,
Бир туугандар айрылбасын ынтымактан.

## АБЫСЫНЫМ

Абысыным жашыбыз тең бир куракта,
Келин болдук бир үйгө жаш убакта.
Жаман сөз айтышпадык бир туугандай,
Бала өстүрдүк бир коргондо бака-шака.

Ынтымакта сыйлаштык бала менен,
Бапырашып бир нанды бөлүп жеген.
Балдар да ынак өстү эркелешип,
Мектепке бирге жөнөйт таң эртеден.

Эми биз чоң энебиз баарысына,
Сыйлашат балдарыбыз колун суна.
Кулак салбай ушак айткан ушакчыдан,
Абысындар болдук биз кучакташкан.

Коргон толду неберелер чоң энелеп,
Отурабыз сарпай кийип той жентектеп.
Балпайган байбичебиз жетелешкен,
Сый көрүп бөлүп жейбиз той кешиктен.

## КОМУЗ КҮҮСҮ

Кыргызымдын комузу кылдарыдан,
Үн чыгат баян берип өткөн чактан.
Ыйлатат үркүндөгү кыргызымдын,
Айталбай бороон уруп тоодо жаткан.



*Адылова Айтилла*


*Айтилла эже өмүрлүк жолдошу Каламбек менен*


*Уулу Эркин жана неберелери менен*


*Уулу Эркин, келини жана неберелери*


*Уулу Алан келини Дилдора менен*






***Шаардык кеңештин депутаты Аскаралы Мамадиев кесиптеши Мурат Эранов менен***

Комуз ыйлайт мекен коргоп өткөнгө,
Кайтпай калган мекенине жоокерге.
Комуз сыздайт энелердей ыйлаган,
Кошок айтып жүрөк согуп сыздаган.

Комуз күүсү дирилдеп чертилгенде,
Кыргызымдын кыргыз жыты сезилгенде.
Эс алып малын жайып обон салган,
Кыргыз күүсү кыргыз жери чертилгенде.

Колдо комуз ыр ырдагын кыргызым,
Комуз менен ай-ааламга шаңшыгын.
Төкмө төгүп акындарым жар салган,
Кылдар сүйлөйт дүңгүрөгөн аламан.

## ОКШОШТУРДУМ КЫРГЫЗГА

Көрдүм мен теледен Алтайдагы адамды,
Окшоштурдум кыргызга мен аларды.
Жылдыздай чачылганбы дүнүйөгө,
А балким кыргыз чыгар алар дагы.

Көп көрдүм тили башка өңү окшош,
Түп атасы кыргызбы көзү окшош.
Кытай, казак, японбу? буряттардан,
Окшоштуруп аларга куюп салган.

Саат канча деп-сурасам мен бир кыздан,
Мен укпаган сөз сүйлөдү башкача.
Айырма жок кийингени кыргызча,
Болгон менен кийин билсем ал кызды,
Жооп алыпмын саатты айткан дунганча.

## ПЕЙИЛИ КЕҢ БАЗАР

Базарда сылык сүйлөп соода кылган,
Өзбек тууган соодага тың, тээ замандан.
Кыргызым тоодо өсүп малын жайган.
Кымыз ичип боорсогун жайып салган.

Азыр заман кыргызым базар болду,
Үйрөндүк капчыктарга акча толду.
Алсаң ал, албасаң кет дегени бар.
Тоң сүйлөгөн өзүбүздүн кыргыздар.

Нанын жаап ашын саткан өзбек тууган,
Келиң-келиң, алып кетиң назик үндөр.
Болгон менен ал күнүмдүк бир сааттык,
Кыргыз кылсын сооданы шаттык-мастык.

Эзелтен чайкоочу деп саткандарды,
Намыстанып сатпайт элек тапсак дагы.
Шаңдуу базар соодагерлер чет өлкөдө,
Сатып калдык сууларды бөтөлкөдө.

Эми башка жаш-кары алып сатмай,
Жашоо керек издеп амал акча тапмай.
Жүк ташышкан арабада жана башка,
Иши кылып табуу керек акча! акча!

## САЛАМАТ САДЫКОВАГА АРНАЛАТ

Комуз күүсү эрте таңдан дирилдеген,
Кыргыз элиң ойготтуң ырдап дилден.
Кара тору сулуу кыз Саламатты
Уккум келет кайра-кайра чын дилимден.

Кыргыз жерин ырдаганда Саламат,
Бажырайган көздөрүнөн нур тамат.
Өрүкзардын булбулу шакка конгон,
Комуз толгоп Алымкандан обон созгон.

Таанылдың бүт өлкөгө «булбул» ырың,
Таанытты сыйлык алып коңур үнүң.
Кыйналсаң да моюн сунбай тагдырга,
Озуп чыктың үнүң менен маарага.

Гүлдесте толуп турат кучагыңда,
Неберең ойноп жүрөт жан-жагыңда.
Комуз колдо ырдай бергин Саламат,
Сени тааныйт дүйнөдөгү адамзат.

## КААРЫЛАРЫМ

Каарыларым кутум-таңым алтындарым,
Жарашат төр силерге аталарым.
Аксакалдар катар басып баратсаңар,
Ак булут Ала-тоодой мактанарым.

Карыларым кутум таңым мактанарым,
Бел болуп балаңарга башчыларым.
Жакшы-жаман иштерге калыстарым,
Кубандырат аталар аалымдарым.

Карыларым кутум таңым ырысымсың,
Жаштарга эч түгөнгүс аккан суусуң.
Жылуу сөздүн далайын айтсам дагы,
Ыйыксыңар аталар ааламдагы.

Карыларым кутум таңым карегимсиң,
Көрбөй калсам сыйпалап изденемин.
Күлүп келсең эшиктен биз кубанып,
Үйүбүзгө кут толот жаңыланып.

Каарыларым эч качан оорубасын,
Той үстүндө дуба берип эл журтума.
Эл сыйлаган аксакал жакшыларым,
Бар болгула калк ичинде дайыма.

## АРАКТЫН КЕСЕПЕТИ

Арак ичкен жаш жигит мас жүрөбү базарда,
Бөтөлкөсүн көтөрүп сүйлөй албайт адамга.
Түкүрүнүп баарына акча менде деп турат,
Жийиркенген адамдар кеткин ары деп кубат.

Кара чачтуу ак келин арак алгын деп сунат,
Чөнтөгүнөн акчасын сыймап алам деп турат.
Айлык алган окшойбу көкүрөгүн каккылап,
Баарын сатып алам деп, колун шилтеп тантырайт.

Акча кетти чөнтөктөн аппак келин каткыра,
Кошо ичип жарымын арак куйду аз гана.
Жатып калды базарда чоң дүкөндүн жанында,
Жолдон өткөн карашып баардыгына маскара.

Атасын күтөт балдары үмүт менен жол карап,
Кайдан билсин балдары базарда жатып калганын.
Кебетеси келишип курук келген атасын,
Көрүп бапа түңүлдү апа байкуш не десин,
Ачуу арак ага дос, дүкөнчү берсин жазасын.

## КЛАССТАШТАРГА

Баткеним өскөн жерим мекенимде,
Катар терек биз ойногон мектебимде.
Парталаш бир туугандай сабакташым,
Окучу элек сөз талашып жомок айтып.

Өттү өмүр шыр айланган дүйнөдө,
Кечээ бала өсүп жигит кыз сүйгөнгө.
Кыздар өстү кызгалдактай ачылып,
Бой жетишти сабакта кат жазышып.

Андан бери жылдар өттү алмашып,
Баарыбыз үй-бүлөлүү бала багып.
Улгайдык үйүбүз толо небере,
Кол узарып келин жумшап керилө.

Өттү өмүр, 40 жыл толуп окуганга,
Сыя челек, перо жазган парталашка.
Эске келет баарысы топ талашка,
Бири күлүп, бири ыйлап таарынганда.

Кээси жок балдарыбыз дүйнө салган,
Эстейбиз жүрөк сыздайт бул Алладан.
Чогулсак азыр деле окугандай,
Аты жөнүн айтабыз колду булгай.

Улгайып баарыбыз тең баратабыз,
Кантсе да эне тайне чоң атабыз.
Оорубайлы кабар алып классташтар,
Жолугушуп туралычы санаалаштар.

Өтөт өмүр байлап бербейт баарына,
Ойлонбогун иш түгөнбөйт бул жалганда.
Жүрөк жыргап бир сап ырды ырдаганда,
Үзүл кезил турмушта оолактабай,
Кабарлашып туралычы отургандай бир партада.

## БААРЫ АЯЛДАН

Баары аялдан тууган келсе жактырган,
Кабак ачып конок келсе жылмайган.
Ак дасторкон нанын жайып чай берген,
Жылуу сөз ызаат менен кол сунган.

Баары аялдан тууган келсе тутунган
Кабак салып өз жарына булкунган.
Дасторконуң жайылып турса дагы,
Сөзүң бүтпөйт айтам десең туугандан.

Баары аялдан өз тууганга ташынган,
Бирок жаман менменсинип ашынган.
Акча тапса көрсөтпөстөн жарымын,
Ошол жаман күйөөсүнөн жашырган.

Баары аялдан бүлөдөгү кемчиликти жар салып,
Келиндерин жамандап биреөлөргө уяткарып.
Же болбосо жакшылыгын көтөрүп,
Биримдикти даңазалап келет сактап.

Баары аялдан дуба алгын энеден,
Наның болсо бөлүп жегин эл менен.
Эне бейиш үйдүн куту карылар,
Дуба алсак кем болбойбуз баарыңар.

## УУЛ БАЛАГА АЛДЕЙ БӨБӨК

Алдей, алдей ак балам,
Ак бешикке жат балам.
Арча бешик арчайын,
Көз мончокту тагайын.
Жумшактап төшөк салайын,
Кыжым төшөк жабайын.

Алдей, алдей ак балам,
Бир аз укта жат балам.
Атаң кеткен жайлоого,
Апаң кеткен короого.
Куржун толо эт келет,
Карын толо май келет.

Алдей-алдей ак балам,
Күлбөй оозуң жап балам.
Майга талкан маштайын,
Оозуңду сенин майлайын.
Сүттөн умач жасайын,
Домпок кылып багайын.

Алдей, алдей ак балам,
Ак бешикке жат балам.
Казан толуп эт кайнайт,
Менин балам эт чайнайт.
Билегиң жоон балбан бол,
Жигиттердин алды бол.

Алдей, апдей ак балам,
Укта көзүң жум балам.
Бешбармакты тое жеп,
Баш куйкумдан кулак же,
Энең бата бергенде,
Кулак салып уккун сен.

Алдей, алдей ак бөбөк,
Эр Манастай баатыр бол.
Канатыңды кең жайган,
Төкмө акын ырчы бол,
Ата-энеңди сыйлаган,
Кең пейилдүү бала бол.
Алдей, апдей ак балам,

Уктап уйкуң кандыргын.
Куйрук боор жеп балам,
Энең ырын ук балам,
Эртең өсүп жетилсең,
Эл башкарган бек болгун,
Алдей менин алтыным,
Энесине жакыным,
Алдей, алдей ак балам.

## КЫЗ БАЛАГА АЛДЕЙ АЙТУУ

Тармал чачың сылайын,
Ак моңчогуң тагайын.
Ширин кылып багайын,
Бал каймагым жасайын.

Алдей кызым уктагын,
Ак бешигиң ыргайын.
Күмүш сырга тагайын,
Күндө кабар алайын.
Алтын сырга тагайын,
Бапестеп сени багайын.

Айдай кызым уктагын,
Арча бешик ыргайын.
Ханышадай сулуу бол,
Чоң адамдай улуу бол.
Үкү тагып жасайын,
Үшүп калсаң жабайын.

Укта менин айдайым,
Сактап койгон майдайым.
Асмандагы жылдызым,
Сандыктагы кундузум,

Алдей кызым уктагын.
Уйкуӊ каныл таӊ ата,
Күлүп ойгон ай кызым.

## КҮЛҮП ЖҮРСӨМ

Мен ыйладым жалгызсырап калганымда,
Жаз жамгыры себелеп ата-энем узаганда.
Каӊырыгым алай-дүлөй адамзат аз жашаганга,
Ата-энесиз жетимсиреп калганымда.

Мен ыйладым кудай балам алганда,
Жүрөк күйүп балам дүйнө салганда.
Өтөт өмүр жамгыр бороон чилделер,
Айталбаймын айтып бүткүс ирмемдер.

Мен ыйладым өткөн адам тууганга,
Жүрөк жакын кайнене кайнатама.
Кыял менен аппурушуп жашасак да,
Кана эми кайтып келсек бир аз артка.

Мен ыйлаймын ооруганда сыгылганда,
Атиӊ айтып толгономун өткөн чакка.
Шүгүр кылам бир мен эмес элде баары,
Баардык нерсе жараткандын жазганы.

Мен ыйлабай эне болсом мээр төккөн,
Жакшылыкта куунап-жашап күлүп жүрсөм.
Өкүнгөндөн пайда жок замандашым,
Өзүмдү мен бактылуу алып жүрсөм.

Жараткандан суранарым убакыт бер,
Жаза турган ырларым көп али алдыда,
Убакыт бер оо жараткан убакыт бер,
Мен бактылуу энемин күлүп жүрсөм.

## ӨКҮНГӨН ТАГДЫР

Эрте таңдан Жаңыл эненин ооруп калганын угуп, андан кабар алып келгени келдим. Эшик алды жым жырт. Таң эрте безеленген торгой үнү таң атканын жар салып сайрап жаткандай. Эшигин каккыласам эч ким чыккан жок. Ачып кирип бардым. Жаңыл эне төшөктө жаткан экен, мени көрүп жашып кетти да оор үшкүрүнүп алды. Ал жайды сурашып кобурашып олтурдук. Айтпай келген оору Жаңыл энени шаштырып койгондой көрүндү мага.

Шайыр мүнөз, ачык, каткыра күлгөн чымыр дене аял эле. Эмнесин айтайын ичим толо арман, бирөөнүн оорусу үчүн ким күймөк деп,- оор дем ала үшкүрүндү. Абышкамдан эрте эле ажырагам. Кудайга шүгүр эки кыз бир уулду канаттууга кактырбай чоңойтуп эрезеге жеткирдим. Таш түшкөн жеринде оор дегендей кыздарым өз бактыларын таап өзү менен өзү. Бала-бакырасы менен мамыр-жумур өз оокаттарына тың. Туугандар жат болуп кетпесин дешкенинен балама жакын туугандардын кызын алып бердим. Ошондо чеки кылганымды билгенимде кана эми. Өзүмдүкү өзөгүмдү жулду, текебердиги жанга тийди, эки күндүн ичинде уруш-жаңжал. Кыздарым корунуп келип, бир аз караламыш болуп үч-төрт күн туруп калса сөссүз жаңжал күчөйт. Ызылдашпай үйүңөргө кеткиле деп айтары анык. Чоң кызым Барчынай токтоо мүнөз мээримдүү, кичинеси Жаркынай ачуусу чукул тез жини келет. Айтканынан кайтпаган татаал мүнөзү менен агасы экөөсү тез-тез чокулашып урушуп кетишет.

Мына бүгүн да менин артымдан мага болушуп Жаныбек агасы менен ары барып бери келди. Жаныбек демекчи ал менин жакшы көргөн уулум. Жакшы ниет менен бөпөлөп багып чоңойттум эле. Коңшу колоң эл журттун баарысы эле аны Жаныш деп

эркелетип алышкан. Коңшулардын колунан не келмек. Бөпөлөп өстүргөн балам минтип карыганда мени какшатып олтурбайбы. Сай сөөгүм сыздайт аттиң арман! деп, - калтыраган кунарсыз колдору менен көзүнөн аккан жашты арчып телмирип ойго батты.

## ЖҮРӨК ЫЙЛАЙТ БАЛАМА

Шаштың неге бул дүйнөдөн тажаган,
Кандай сыр бар жүрөгүңдө самаган.
Булбулсуңбу чын дүйнөгө жаралган,
Тынбай сайрап жаннат бакта жаралган.

Ак көпөлөк үй айланып учканда,
Карай берем дуба кылып арбагыңа.
Жаннат бакта гүл аралап учуп консун,
Сени эстейбиз жүргөндүрсүң гүл бакчада.

## МУСАПЫР ДЕЙТ КЫЗ БАЛАНЫ

Алыстагы алтын кызым Айсалкыным,
Апа десе мээр төккөн жакыным.
Мен оорусам жетип келген санаркап,
Апакем деп кучак жайып кагылып.

Кыз түшкөн жерде таштай катып,
Бир шаар өнүп-өскөн үйүр алып.
Акылман баба кеби анык экен,
Аралашып бөтөн элден сабак алып.

Кызым келсе үйүм шаңга бөлөнөт,
Маңдайында жылдыз нуру төгүлөт.

Кобурашып сагынычым жазылат,
Эркелешип кучактап бөбөгүндөй көрүнөт.

Туугандар мусапыр дейт, - түшкөн кызды.
Кайда болсоң аман жүргүн тун кызым
Кабар алса кыз баладан өз тууганың,
Жетине албай кучак жаят кубангандан.

Аман жүрсөң дениң соо кагылайын,
Сагынсаң атаң-апаң таянарың.
Ата-энең бир тууганың сени ойлойт,
Өмүрүң узун болуп көп жашагын.

## БИР ЖАРАЛГАН АЛЫКУЛ

Суктанамын Алыкулга ырлар жазган,
Мекен сүйүп ыры менен обон салган.
Эл журту мекенине боору ооруп,
Ата журтка өз жанын курман кылган.

Ысык-көлдүн даңазалап толкундарын,
Жаш жигит жүрөк толкуп толкундадың.
Аз өмүрдө канча ырлар кыргызыңа,
Өлбөс болуп элде калды ырларың.

Канча акын ыр жазса да Алыкулдай,
Эч бир жан окшото албайт ыр саптарын.
Жалгыз гана ал өзү жаралгандай,
Суу жээгине толкуп чыккан шарпасындай.

Эл эскерет дайым ырың кыргызымда,
Ырдалат обон менен ар жылында.
Оо дүйнөдө көк шибер гүлгө конуп,
Булбул болуп ыр төгүлсүн учуп конуп.

## ЖЫРГАЛ ЭЛЕ БАЛАЛЫК

Жаштык жыргал эч нерсени ойлобой,
Суу бойлоп кечке ойноп үйгө кирбей.
Кайгы капа не экенин түшүнбөй,
Жыргап өтөт оюн менен эч тойбой.

Жаштык жыргал бактылуу күн ал убак,
Эне мээри шоктонсок да баш сылап.
Бактылуу күн баркын билбей өткөрдүк,
Башка болчу ал мезгил жаштык курак.

Жаштык мезгил таза кыял балалык,
Жесек тойбой таш талканын чыгарып.
Акча кайдан турмуш эмне түшүнбөй,
Бир кайрылып келсе кана балалык.

Жыргал эле бала кезек айылда,
Боз уландар үй куруп там артында.
Бири апа, бири ата, кыз чыгарып,
Ойнойт элек турмуш жолун чагылдырып.

Жаштык жыргал кайра келбейт өткөн чак,
Эстен кетпейт бала кыял ошол убак.
Кош жаштыгым эч нерседен бей капар,
Жаз жамгырдай өттү-кетти жаш курак.

## БАЗАР - БАШЫМ

Сагындым айылым Базар-Башым,
Малың айдап көчө бойлой эрте таңым.
Энелер сүтүн тартып каймак майын,
Түндүктөн түтүн чыгып кайнап чайың.

Сагындым айылым Базар - Башым,
Өзгөрүп уул-кызың таанабапмын.
Кечээги эле боз уландар үй-бүлөлүү,
Окшоштурдум атасына өңү башын.

Сагындым айылым Базар - Башым,
Айыл эмес өзгөрүптүр жаңы шаарым.
Бой тиреген Манасымдын айкелине,
Жаш жубайлар келишет таазим эте.

Өнүп-өссүн айылым Базар-Башым,
Жаштарың ыймандуу болсун дайым.
Барганда дуба кылам өткөндөргө,
Өсө берсин жаштарым алтын башың.

## ЭШЕК ЖӨНҮНДӨ ТАМСИЛ

Эшеке эрте кечке жүктү артып,
Иштетебиз оор жумушту колдон алып.
Эти арам иши адал болгон менен,
Эшектин деп, -сөгүнөбүз заар чачып.

Суу ташып чөбүн жүктөп эрте кечке,
Жер айдап, кошко салып таң азандан.
Эшек кылган жумушту баалабастан,
Баспай калса тепкилейбиз аябастан.

Аксакалдар айылдан башка айылга,
Жөө жүрбөйт эшек минип адырда.
Кайран эшек жаралганбы азапка,
Эшек ууру көбөйдү го айылда.

Бизнес кылып эшек баккан адамдар,
Ыйманың жок адам эмес айбандар.
Уят го дейм ойлонгула кеп болбой,
Кай заманда эшек этин жеген бар.

## БӨТӨЛКӨНҮН АЙЫНАН

Айылдагы эки дос жүз көрүштү шаардан,
Кучакташып көрүшүп, сурашып ал жайдан.
Ээрчишип дүкөнгө кирип адегенде жүздөн алды,
Кызыган соң сөз каймагын андан ары улантты.

Экөөнүн тең кийингени таптаза,
Ныктап сүйлөп алыбеттүү башкача.
Аз-аздан уруп шараптан бир кыйла кызып,
Сүйлөгөндөрү түшүнүксүз болгону менен,

Бакылдап жатты эргулдар сөз талашып бака-шака.
Отурушту кайкалап бир стол жакшы жайдан,
Таок этинен апдырып стол бети жайнаган.
Сөз беришпейт экөөсү тең арманы көп,
Ушак-айың сөз кетти ар тараптан.

Көз айланып мээ иштебей бирөөсү,
Таанышам деп дүкөнчү кызга тийишти.
Атым Кубат дегени эле болбосо,
Ары жакта карап тургандардын бири,
Бир муш менен стол түбүнө киргизди.

Башталды ызы-чуу тоз- тополоң,
Ажыратып койбогон эч ким болбогон соң,
Чайнек, пияла сынганы мындай турсун,
Стол-стул мебелдердин бир кыйласы бүлүндү.

Эстерине келип эки жагын карашса,
Эки дос эрте таңдан башын кармап,
Отуруптур милициянын тор зымында,
Эки бөтөлкө ичишкен эки достун,
Жолугушуу баяндары аяктады ушундайча.

## СУЛУУЛАРГА СУКТАНЫП

Сулуулар суктандырдың канчаларды,
Суусаттың чөлдө калды канчалары.
Азабы ак сүйүүнүн жүрөк каккан,
Сулууга карай берген ашыктары.

Сулуунун ашыгы көп душманы да,
Сулууну арбап алдайт сүйбөсө да.
Көп сулуулар алданат арбаганга,
Сулуу гүлдү соолутат таштап анда.

Сулуулар жаралганбы бир келген,
Абайласак сүйүп сулуу кудай берген.
Кордобойлу суйкайган сулууларды,
Эне болот уул-кыздуу бир керилген.

Ак мөөр, Таттыбүбү болгон экен өтө сулуу,
Баркын билбей өткөргөндүр кимдир бирөө.
Булут тоскон караңгыда күндөй болуп,
Жарк этип ачылгандыр нурдай жанып.

Кыргызымда сулуулар көп керемет,
Аба таза тоолор менен чектелет.
Сары-Челек, Ысык-Көлдүн ак-куулары,
Арча кайың жайлоолору сулуу келет.

## СУКТАНАМЫН ДИКТОРГО

Суудагы алтын балык күзгү сымак,
Теледен дайым сулуу болгон ынак.
Таң эрте саламдашкан күтпөсөң да,
Маңдайыңда күлүмсүрөп турган чырак.

Жаңылык айтасың бүт аалам сырын,
Карай берем күндө сени чындыгыны.
Сагынам бир күн көрбөй калсам эгер,
Бир туугандай күтөм сени таң азандан.

Мен капалуу отурсам да сен жылмайып,
Ачасың кабагымды ачык сүйлөп маанайымды.
Алла берген бир керемет сулуулугуң,
Ашык болот сени самап улуулгуң.

Сенин үнүң бир керемет  жаралган,
Уккан сайын уккуң келет арбаган.
Бир күн сенин сөз баяның укпасам,
Бир мен эмес элиң күтөт сыйлаган.

Карыбагын дайым сулуу болуп жүр,
Токтоо мүнөз сенин үнүң ободо.
Угармандын алкышына ээ болуп,
 Көргүм келет таң азандан теледен,
 Сенин үнүң аска-зоого тең болуп,
Бакыт кушу сага консун дем болуп.

## СЫЙЛАШСАК ТУУГАН МЕНЕН

Бөлүнбөгүн туугандан алыстабай,
Адам менен адамсың узактабай.
Өтөт өмүр токтобой көз жумганча,
Өкүнөсүң өткөн күнгө тууган зарлай.

Керек тууган башыңа иш түшкөндө,
Кошо тартат жан ачып сүйлөгөнгө,
Керек тууган намысыңа жаралган,
Керек тууган жакшылыкта жандаган.

Дос дебе баарын эле жандаган,
Колдо болсо үйдө конок сайрандаган.
Сен жупуну араң жашап жүрсөң эгер,
Мыскылдап күлүштөн да тайбаган.

Ынак болгун тууган коңшу алар менен,
Жакшы-жаман ишиң бүтөт тууган менен.
Ынтымак бол кадырман достор менен,
Адамдык касиетиң тууган менен.

Байлык бул бир келген колдун кири,
Жууса кетет, кайрадан дөөлөт келет.
Улуу-кичүү сыйлашып тууган менен,
Жашайлычы адамзат ыйман менен.

Баары калат ачык асман алдында,
Байлыгың да бийлигиң да баарысы.
Адамдык сапатыбыз жоголбосун,
Ынтымакта жашайлычы тууган менен!

## КОЛОМТОДОГУ ОТУМ

Өчпөйт эле коломтоң, очоктогу апакем,
Чай демдеп, тамак-ашың белен-белен.
Буруксуган түтүн жыты очоктогу,
Апакем үйдү жылуу кармаар элең.

Өчпөйт эле коломтоң, очоктогу апакем,
Сүт кайнатып каймак тартып коер элең.
Балалыгым очок отун сагынамын,
Май сүйкөп жапкан сенин ысык наның.

Өчпөйт эле коломтоң, очоктогу апакем,
Бир дасторкон, бир туугандар жан эркем.
Тең бөлүшүп бар тапканын баарысын,
Очок оту дайым жылуу мен билген.

Өчкөн очок апакем жок үй муздак,
Эмнегедир жылуулук жок суп суздак.
Чызылдаган очок чай жок кайнаган,
Жаңы заман ток чайнектен чай ичебиз,
Даамы жок ылым - ылык кайнаган.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Туулган жерим алтын уям чырагым,
Күнүм тийген агып жаткан сууларың.
Тоолор курчап көк тиреген аска зоо,
Обон салып куштар сайрап сырларың.

Туулган жерим топурагың алтын экен,
Айтып бүтпөс сулуулугуң артык экен.
Канча акын ыр жазса да түгөнбөйт,
Айтып бүтпөс сенин даңкың бөксөрбөйт.

Туулган жерим атыңа мен кубанам,
Көз тийбесин мен Алладан суранам.
Баткен деген атың уксам бир башкача,
Жүрөк дегдеп мен өзүмчө нурданам.

Туулган жерим өрүк шагың ийип бышкан,
Кен байлыгың баарысы ашып-ташкан.
Келечегиң алдыда кучак жайган,
Мартабалуу бийик болгун эл суктанган.

Туулган жерим эгем берген Айгүлүмдү,
Тартуу кылып Баткениме белек гүлдү.
Назар салып кудайым эл журтума,
Ынсап, ыйман, дөөлөт келсин бүт калкыма!

## АПШЫР –АТА

Апшыр-Ата суулар аккан шаркырап,
Тунуктугу күзгү сымап жаркырап.
Аскасы асман тиреп бир туугандай,
Бой тирешип бирге турат жанашып.

Өзүндө бир керемет сыр бар экен,
Аска-зоонун боорунан чыккан деген.
Болгон дешет суу эмес сүт чыккан деп,
Дарылыгы сүт өңдүү шыпаа экен.

Шыпалык суу Котур-булак жанында,
Келген адам зыяраттап жуунганда.
Коноктор бир-бирине сылык сыпаа,
Айыгышат Алладан шыпаа таап.

Тоо боорунан оргуштап чыккан сууну,
Аалам билет, эл билет чын-чынында.
Касиеттүү суулары баарысына,
Берет шыпаа чын дилинен ниет кылса.

Сөз тизмектеп жеткире албайм сулуулугун,
Касиеттүү Апшыр – Ата улуулугун.
Мында өткөн олуялар аалымдар,
Эч ким билбейт тоо боорунан аккан суунун.

Кайсыл жактан каяктан келатканын,
Теңир жалгап буюруган кыргызыма.
Апшыр-Ата суулары ага берсин,
Улам оргуп кылымдардан-кылымга.

## САНААМ САНГА БӨЛҮНӨТ

Сагындым санааркадым санаам эзип,
Айла таппай туйлаймын оюм эзип.
Түгүнбөйт оюм жетпей түргөк сымак,
Көз жашым агып келет жүрөк эзип.

Акылым акыл берет сабыр канаат,
Шайтаным күүлөп салат кайра ыйлатат.
Аллага эч бир күнөө кое албаймын,
Эзилип жүрөк туйлап бала ыйлатат.

Артыңдан мен оорудум ыйлап жүрүп,
Энемин башкаларга сүйлөп-күлүп.
Тагдырдын кылганыбы мага сыноо,
Балам алып оорутпастан мүдүрүлтүп.

Айла канча тирүү өлүк ара жолдо,
Тагдырга тан беремин оңго-солго.
Эрте кечте барар жер чын дүйнөгө,
Бир күнү барарыбыз анык чын го.

Он беш жыл өтсө дагы он беш күндөй,
Жүргөндөй балам өлбөй күлүмсүрөй.
Ылайым жаннат бакта жүрсө деймин,
Гүл аралап торгой сымал канат күүлөй.

Жараткандан суранам жаш өлбөсүн,
Узун жаш бер жаштарга көбөйүшсүн.
Жыланга да каалабайм жамандыкты,
Бир Алладан суранам амандыкты.

## АЛАРМАН

Адамдар тойбос болуп баратабы?
Дүнүйө топтоп инсап кетип жатабы?
Алдым-жуттум жалган жалаа адамды,
Жугуштуу бир адат каптап алганбы?

Адамдардан ыйман качып жатабы?
Колдон жулуп алып сатар адамды.
Кошуп сатып колдон-колго айлантып,
Үрөй учат анын кошкон нак баасы.

Пейил кеткен адамда базар кезсең,
Шумдугуң кур алып-сатар базары.
Табыш керек акчаны арбап-сарбап,
Өтпөгөн буюмдарын кошуп саткан.

Баарына тең кошуп сатат алып сатар,
Дыйканмын ала бер деп алдап жатар.
Ынсап жок карап туруп колго берет,
Көзүң боеп таразадан уруп калат.

Ыйман берсин Аллахым адамдарга,
Берекесин мол берсин дыйкандарга.
Ыйман болсун инсап болсун адамдарда,
Заманыбыз оңолор түшүп жолго.

## КАЙРАТЫҢДАН ЖАНБАГЫЛА АКСАКАЛДАР

Кажыбас кайрат бар аталарда,
Оолактап жүрүшсө да кай сапарда.
Турмуш сыноо баштан өткөн далайы,
Чымыр дене көкүрөгү ооруганда.

Аталарым тартса дагы азаптарды,
Тарбиялап келесиңер жаштарды.
Мээнетиң кайтатсага карыганда,
Алла берсин жакшылыкты баарыңарга.

Кайратың Ала- Тоодой бийик тура,
Намыстуусуң мекенчил таазим сага.
Калыс сөз кең пейил карыларга,
Тилеймин жакшылыкты баарыңарга.

Коргонуң неберекеге толуп бакча,
Эркелешип аталап көңүл ачса.
Балаң, келин, сыйлашып ата дешип,
Озур берсин ылайым карыганда.

Оорубагын аталарым амандыкта,
Урмат сый жарашат ата сага.
Ак кардай аксакалың жайкалганда,
Ала-Тоодой балдарыңа түркүк тура.

## ЖАКШЫ БОЛСОК

Адам өзүң жамандыгың билсең кана,
Адамда жаман пейил болот тура.
Бирөөнүн жаман жагын бетке чаппай,
Өзүңдүн жаман жагың сезсең кана.

Адам бар сылык мүнөз арбап алган,
Жакшы сөзү жүрөгүндөн орун алган.
Адамдыгы адам менен баарлашкан,
Ачууланып турса да көңүл алган.

## ЫРЫСКЫ КЕЛЕТ

Ырыскы келет ынтымакта болсоң гана,
Дасторкон мол береке келет сага.
Бир нанды бөлүп жесең канаттанып,
Ынтымак болгон жерде бакыт да бар.

Иштесең ишке тойбой турган чакта,
Биргелешип ынтымакта иштеп тапса.
Таттуулугу анын даамы аш болумдуу,
Баарлашып бир туугандар бала-чака.

Ырылдашсаң ырыскы качат сенден алыс жакка,
Чыр менен жеген ашың болот башка.
Береке жок тозуп кетет ар тарапка,
Ар кимиси кыйсыпыр чар тарапта.

Сыйласак улууларды урмат сыйда,
Бир үй-бүлө коломтолуу ысык жайда.
Берекеси төгүлгөн урмат менен,
Ырыскылуу ак дасторкон үй-жайында.

Мээр бар, ак дасторкон ысык нанда,
Кут кушун алып келет жыйнап сага.
Ыйман, инсап, туугандар ынтымакта,
Бак дөөлөт келет мээр төгүп сага.

## БУЗБАГЫЛА

Биз жашаган ак тамды бузбагыла,
Колу тийген атамдын шыбагына.
Тамак жасап апам берген балдарына,
Очок отун өчүрбөй казанында.

Бактылуу күн жаштык кез ошол тамда,
Ысык нан жапкан апам ал тандырга.
Чогуу ойноп тезек терип каптарда,
Жашачубуз атам салган ак тамда.

Бузбагыла бактылуу күн ал тамда,
Келген сайын дуба кылам ал жайга.
Арбагы айланчыктап жүрсө керек,
Үмүт менен дуба тилеп ак тамда.

Эки кабат салынган үй-жайларга,
Кызыкпадым баары бекер калат ал да.
Ак сарайга караганда тынч уктаймын,
Атам салган пешене тер ак тамында.

## ЖАЛКОО

Жалкоолук жатып жеп көнгөн адат,
Эрте турбай уктаган чашке убак.
Кайсыл ишке санааркап тынчсыздана,
Саат карайт түшкү тамак келсе убак.

Жалкоого баары бир кайталанат,
Чөп баскан короосун көр кургап жатат.
Үйү түшкөн шыбагы урап жатат,
Мал кирип короосуна убап-чубап.

Той болгон жерге калбай шашып барат,
Ысык шорпо ичип алып кайра кайтат.
Сезиминде ким экенин билип жатат,
Жумушка жок баягы эле көнгөн адат.

Жаз өтөт, кыш келет жыл айланат,
Титиреп отуну жок жер сыйпалап.
Алган жары пешенең кур ыйлайт зарлайт,
Айла жок төркүнүнөн сурамжылайт.

Мезгил өтөт күн чыгып жыл айланат,
Бакырышып иш кыл деп, катын ыйлайт.
Пешенеси шор байлап кайдан табат,
Жалкоого баары бир ошол адат.

## БАЛАМ ДЕДИМ

Балам дедим жаз өткөнүн билбедим,
Бактылуу күн жаш кезегиң сезбедим.
Кобурашып чүрпөлөрүм алдейим,
Уктабастан таң атырып термедим.

Балам дедим кыш өткөнүн сезбедим,
Кучактап балам менен сергидим.
Бала кыял балам менен кейидим,
Уктаганда кошо уктап кирпигим.

Балам дедим жыл өткөнүн сезбедим,
Чоңойуптур бой тирешип өскөнүн.
Үйлүү-жайлуу неберелер төрүмдөн,
Бала базар каткырышып жүргөнүн.

Балам дедим чачым аппак болгону,
Мен улгайып көзүмдөн нур өчкөнүн.
Жашым өтүп белимден күч кеткенин,
Балам менен жаштык өтүп кеткенин.

Балама деп тапсам берем кешигим,
Бала кыял мурдагыдай сезимим.
Келбей калса санааркаймын күтөмүн,
Жол караймын тынчсызданам кейиймин.

## МЕН АЯДЫМ СИҢДИМДИ

Мен аядым сиңдимди бир боорума,
Турмуш татаал кеч күздөгү туманда.
Чүрпөлөрүн багыш кыйын чынында,
Жетишпестик жумуш жок бу заманда

Апалаган жаш кызына жарына,
Улуу-кичүү баарын тууган апа да.
Аяк башын жыйнай албай кыйналды,
Мен аядым сиңдимди ошол чакта.

## БЕРЕКЕСИН БЕРГЕН КҮЗ

Күн ысык маңдай тер тамчылаган,
Мөмө бышып дарбыз коон жер жарылган.
Алпа берип төгүн чачын гиластан,
Терип алып кубантты го ал бактан.

Кызыл өрүк ийип бакта жайнаган,
Апам терип казанда кыям кайнаган.
Жөөгүндө кызыл балгар помидор,
Карап туруп көз кумарың кандырган.

Бейиш багын ата-бабам сугарган,
Кайналысы, анжир, алма шагынан.
Ящик толо терип баарын бараткан,
Кудай берген берекелүү багынан.

Жаннат бакта көрсөң тоюп кубанган,
Шиңгил жүзүм мончок болуп кулпунган.
Жыты аңкыган гүл бакча ар бир үйдө,
Кандай сонун ырахаттуу күз айынан.

Жаннат багы насип кылган кыргызыма,
Таазим этип шүгүр кылам бир Аллага.
Кызыл буудай буурчагы кырман толо,
Токчулук боло берсин ай ааламда.

Жашылчасы үйүлгөн толуп капта,
Мөмө-жемиш ийилет алма бакта.
Баардыгы бар токчулук бул заманда,
Берекесин төгүп турат эл журтума.

## ЧАҢ КӨЧӨЛӨР

Көчөлөр чаң, көчөлөр чаң - көчөлөр,
Терек ыргап шамалга бийге түшөр.
Асмандагы кара булут төгүп нөшөр,
Чаң басылды чаң көчөлөр чаң көчөлөр.

Узун жол бул көчөлөр, бул көчөлөр,
Ата бабам басып өткөн бул көчөлөр.
Саратанда тер тамчылап дыйкандар,
Канча кылым күбө болгон чаң көчөлөр.

Жаз келип күзү келип кыш көчөлөр,
Баткак суу тоңуп кышта тар көчөлөр.
Жалбырак учуп түшүп күзгү нөшөр,
Өттү жылдар айланып чаң көчөлөр.

Көчөлөр чаң, чаң көчөлөр, көчөлөр,
Жылаңайлак балдар баскан бул көчөлөр.
Кыйчылдап бараткан капта жүктөр,
Шуулдаган теректер кошуп күүлөр.

## КҮТӨМ КЫЗЫМ

Күн санап күтөм балам чырагым,
Күн өтпөй таңды күтүп санааркаймын.
Эне жүрөк эзилип балалыгың,
Эстей берем өтөт көздөн жаш чагың.

Айтпай келсең болмок эле чырагым,
Күн санап саат өтпөй убагым.
Даярданып ысык нан, сары майым,
Силер үчүн катып койгом бар тапканым.

Түйшөлүп эрте таңдан турамын,
Жолуң карап бир өзүңө кусамын.
Аман кел деп, бир Алладан сурарым,
Кирип келсең сагынычым жазарым.

Кайда жүрсөң аман жүр кагылайын,
Келип кеткен коногумсуң ар дайым.
Биз сага жакшылыкты каалайбыз,
Келип кетсең сагынычым жазарым.

Башка келди апамдын сагынганы,
Балам деп мээр төгүп жыттаганы.
Апам мени мен өзүмдөй караганы,
Эстеп кеттим кызым күтүп, ойлоп аны.

## КАЙНЕНЕМ ӨЗ ЭНЕМ

Мээр бердиң энеке жаш кезимден,
Үйрөтүп билбегеним балам деген.
Кайне дебей энем дедим мээр берген,
Өз энемдей жакын көрдүм эркелеген.

Сыйлаштык өнүп-өстүк дуба берген,
Энемдин шырмай нанын эстей берем.
Боор эзип күлдүргөн азил кебин,
Унутпаймын бир дасторкон мээр деген.

Бир мейизди бөлүп жегин деген кебин,
Бир тууган ынтымагын бекемдеген.
Өнүп-өстүк эне мээр дуба берген,
Коломтом дайым жылуу бата менен.

Энеке алдым сабак сиз окуткан,
Кем болбой энемин мен санаа тарткан.
Азыр болсоң чебере гибиреден,
Сый көрүп олтурмаксыз уул-кыздан.

Дуба кылып баарыбыз ар жумадан,
Адатыбыз челпек салып жыт чыгарган.
Кол көтөрүп чүрпөлөрүм Алладан,
Жаннат бакта жүрсө дейбиз кудайдан.

## САГЫНДЫМ ЖАЗДЫ

Кышта күтөм жазды сүйүп жашарган,
Жазды сүйүү жаратылыш таза абадан.
Уккум келет түркүн куштар сайраган,
Көк мелжиген аппак булут асмандан.

Уккум келет шылдыр аккан суулардын,
Мэлүүн согуп чач сылаган шамалдын.
Түркүн түстө гүлдөр жайнап ачылган,
Бул керемет айтып бүтпөс дастандан.

Жазды күтөм ар жыл сайын айланган,
Күндөн-күнгө жашаргансып кайрадан.
Кучактайын гүлүң сүйүп жытыңдан,
Сагындым мен коктом жазды жашарган.

## АЖЫЛАРГА СУКТАНАМ

Суктанам ажыларга аппак кийип оронгон,
Туулгансып бөбөк сымал кайрадан.
Насип этип жол ачылып Алладан,
Көрүп келген «меккени» үйү болгон кудайдан.

Ажыларым сүйгөн пенде Алланын,
Сан миң адам кут береке алганын.
Кечиримдүү ажыларым сылык сүйлөп адамга,
Тарбиясын алсак дейбиз биз дагын.

## КАРЫСАҢ МЕНДЕЙ БОЛОРСУН

Гүл сулуу убак эле кайран жаштык ,
Жесең тойбой ташты талкан кылган убак .
Ойлонбойсуң жаштык кезиң кылсаң уят,
Тайманбас күлкүң шаңга толгон убак.

Караңгыда үйдө отурса болмок десек,
Араң баскан чоң энеге жол бербесек.
Өзүм билем айтпаңызчы эне десек,
Жүрөк ооруйт эненин аттиң билсек.

Эне жүрөгү чыдамсыз жумшай берген,
Өзүм билем дебегин жиниң келген.
Каарысаң мендей болорсун балам деген,
Бала кезек сендей бала болгон энең.

Кайран жаштык баары өткөн ошол убак,
Күчү кетип алы жетпей турган убак.
Акыл айтат балдарына баарын сынап,
Кемсинтпе улгайганды ал болгон сендей куунак.

Карысаң мендей болорсун кудай деген,
Ыйман ынсап жашын берсе Алла берген.
Эрте кечпи келме-кезек улгаябыз,
Карысаң мендей болорсуң деп муңаябыз.

## СУРАНАМ АЛЛАДАН

Жаратканга жалбарам амандыкты ,
Жалган дүйнө канча өмүр адамдагы.
Кача албайсың тагдырдын таразасы,
Аллам берсе жакшы жаман аралашы.

Бир кудайдан суранам узун жашты,
Ачпы токпу тынч өмүр жашаганды.
Таза жашап жалганы жок заманды,
Суранамын Алладан ыйман менен ынсапты.

Эгем берсе деймин мен ак тазалыкты,
Пейил оңдоп жаманы жок жакшыны.
Кетпес дөөлөт таза жүрөк адамды,
Тынч амандык күнөөсү жок жалганы.

Суранам бир Алладан баарыны ,
Дени – соо телегейлүү ак адамды.
Жалган дүйнө адаштырса адамды,
Унутпачы түз жолуңа салганды.

## АСМАН

Көк мелжиген асман бийик кабат- кабат,
Уччу элек жашыбыздан көнгөн адат.
Көз жеткис көк мелжиген асман кабат,
Караңгыда чачыласы күйүп жанат.

Жаратканым күнү чыкса аалам жанат,
Ак булут араласаң моокум канат.
Түбү жок көк мейкин чалкып жатат,
Бүркүт ойноп канат күүлөп амандашат.

Асманым ааламында жамгыр жатат,
Каалаcа шуру сымал мөндүр чачат.
Асан-Үсөн боегун түрлөп тартат,
Жете албайбыз ой менен асман кабат.

Кеч кирсе ай чыгып күн да батат,
Ай жарыгы тегеренип тийип турат.
Чачыладай жыздызды санап бүтпөйт,
Сыры терең ааламга акыл жетпейт.

Жер бети жети кабат ченем жетпейт,
Асман – жер, сыры терең ойго келбейт.
Түш көрсөң жете албайсың оюң менен ,
Аалам түштөй сыры терең Алла берген.

## САБЫР БЕРСИН ПЕНДЕГЕ

Сабыр канаат берсин Аллам пендеге,
Көтөрө алгыз оор кайгыны жеңгенге.
Турмуш татаал кайгы түшсө пендеге,
Кача албайсын жазылган пешенеңе.

Жаратканым салса кайгы пендеге,
Жүрөк сыздап ыйлап жеңет көнгөнчө.
Чач агарып жүрөк сыздайт эмнеге?
Бир жакынын күйүп жанат билгенче.

Акпы кара бирдей болот пендеге ,
Жакшы - жаман кошо жүрөт билгенге.
Түн кирип карангылык тан атканы,
Күн чыгып жаркыратат кең ааламды.

## КОРДОБО СҮЙҮҮНҮ

Күйүп жанып сүйгөнүн даназалап,
Сүйүүсүн той - тамаша тез аралап.
Жыл өтүп соолуй түшсө махабатың,
Кордобогун сүйүүнү болот наапат.

Жаштыкпы кылганы жүрөк ыйлап,
Көбөйдү ажырашкан канча зарлап.
Тагдырга кыянаттык кылган болсоң,
Күнөөсүз бала тартат шорлоп ыйлап.

Эзелтен сүйүүгө жетпей зарлап,
Ыр төгүп жүрөк күйүп өткөн какшап.
Кадырын баалабастан ак сүйүүнүн,
Өткөндөр бар тарыхта калган жашап.

Ак сүйүүнү кордобой жакшы жашап ,
Өмүрдө сүйүү таза болгун куунак.
Өнүп өскүн кол кармашып мөмө байлап,
Бул жашоодо сүйүү таза болгун ынак.

## СҮЙГӨН СУЛУУ

Сулууну сулуу дебе сүйгөн сулуу,
Өңү эмес таза жүрөк болсун сулуу.
Көп көрдүм тышы сулуу ичи жаман,
Жамандыкты өз жарына тилеп туруу.

Беш манжаң тең эместир канча сулуу
Ызат менен сый алсаң ал улуктур.
Өз жарын бийик көргөн урмат сыйлуу,
Жашап келет даңкталып кадыр барктуу.

Көчөдө көпөлөктөр кордоп сүйүү,
Жыргаган күлкүлөрү ал күнүмдүк.

Сыланып башын байлап бир жигитке,
Турмуш курат арга жок жалган сүйүү.

Ыйман ынсап насип этсин ар бир жашка,
Ак сүйүүнү кордобойлу болсун таза.
Кыргызда жок дене саткан тээ замандан,
Ак сүйүүнү кордобойлу тепсеп салба.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ САГЫНГАНДА

Баткенимдин талаасы өрүк зарын карачы,
Узун жолдо баратам кызгалдактуу талаада.
Асмандагы ак булут ат чапкандай баратат,
Темир тулпар тизгини булут менен жарышат.

Төркүнүмө шашамын беттен сылап шамалы,
Көзгө жылуу көрүнөт козу-улак андагы.
Кучак жайган тоолору мени тосту карачы,
Көкүрөктө толкуган сагынычым кумары.

Узун жолум арбыбайт айылымдын талаасы,
Мени күткен апам жок толкуп жүрөк сыздады .
Тегеренген көз жашым сагынычым буйдалды,
Тосуп чыгаар адамым бир тууганым андагы.

Эсен жүрсүн айылдашым туугандарым баарысы,
Эне атамдай тосуп чыккан жакындарым.
Баткен десе жүрөк толкуйт ээлирип,
Туулган жерим сен улуусуң карачы.

Баткенимдин Айгүл гүлү тоо талаасы,
Көчө бойлой кыздар жөнөйт карачы.
Туулган жердин топурагы алтынбы?
Кетким келбейт Баткенимдин таза абасы.

## ОЙЛОП КЕТЕМ БАЛАМДЫ

Оюм кетет от жалындай чырагым,
Күйүп жанып жүрөк сыздап ыйладым.
Бугум чыкпай буйдаланам каралдым,
Уулап салган адам сыңар жараландым.

Жамалың жанып турат жаш убагың,
Жаш элең ойлой берем гүл курагың.
Туйлаймын тулпар сымал жер оонады,
Үшкүрүнүп ойлоп кетем мен баламды.

Оюм кетет кыз сүйгөн жигит жашың,
Неберемди жетелесем ачып багым.
Ойгондум селт этип ой санаамдан,
Сени эстеп апаң кургур жараланган.

Турасың жаш бойдон гүл курагың,
Улгайсам да жүрөгүмдө сен турасың.
Чачым бубак мен уулангам оо чырагым,
Өмүр канча Алла билет жолугармын.

## МАХАБАТ ЖОК БОЛСО

Махабат ийип бышкан мөмө эмес,
Алып жеп тойгонуңча күндүк элес.
Урматтап махабатты таза сезсек,
Ал сага түбөлүккө тунук белек.

Махабат суусап турсаң суусу жетпес,
Чаңкасаң таппай калган тамчы эмес.
Дилиңден махабатка малынсаң сен
Жашоо болот ажырагыс кош данек.

Махабат жүрөктө жашайт аны билсек,
Жетпей келген канчасы үзүп үмүт,тилек.
Урматтап ак сүйүүнү баркын билсек,
Ак сүйүүбүз жашайт бизде аны сезсек.

Жетпеген ак сүйүүгө чаңкасак махабатка,
Өтөт өмүр чаңкоо канбай түнү да караңгыда.
Өмүр кымбат кыйчылдаган араба,
Сүйүүсүз жашоо болбойт бул ааламда.

## СҮЙҮҮ КЕЛЕТ

Сүйүү келет жадыраган жаздабы,
Күйүп жанган ысыгыбы аптабы.
Сезбейт ысык баштан өтүп жатса да,
Сүйүү менен жашасаң ал даңаза.

Сүйүү келет күркүрөгөн күз айы,
Ийип бышкан алма, анар, андагы.
Аралап ак сүйүүнүн жаннат багын,
Бакыт кушу силерди араласын.

Сүйүү келет кычыраган кыш айы,
Кол үшүткөн ызгардуу кышындагы.
Жүрөк жанып сүйүү күчү жалыны,
Эритет го көк мөңгүлүү муздарды.

Сүйүү келет күтүүсүз бир саамда,
Жүрөк дүк- дүк, жаз жамгыры андагы.
Сүйүү дербиш кылат жетпей арманда,
Сүйүү деген айландырат маңкуртка.

Сүйүү тозок күйгүзгөн канчаларды,
Жомогу бүтпөй келет жүрөк дарты.
Дастаны комуз күүдө ыйлатканда,
Бүтпөй келет кылымдан айтылганы.

## КЫРГЫЗ

Аягы "З"тамга менен бүткөн,
Алла берген аты улук кыргыз.
Жаннат сымал кереметі айтыл бүтпөс,
Сулуулугу суктанткан жерим сенден.

Аягы "З"тамга менен бүткөн,
Кудай берген кыргызча комуз берген.
Чертилет кылымдан кыргыз дастан ,
Үч кыл комуз чертилгенде кыргыз деген.

Аягы "З"тамга менен бүткөн,
Эгем берген кыргызга кымыз суусун.
Дартка даба ичсең кыргыз жыттанган,
Кыргыз кымыз тамшандырган таңдайдан.

Үч кыл комуз, даамдуу кымыз кыргызда,
Даңазалап санжыралуу улуулукту дайыма.
Кең пейил көңүлү ток улуу кыргыз.
Түпкүлүктүү эл бололу бул ааламда.

## ТУУЛГАН КҮН

Тогуз ай күн кечирип көтөргөн энең сага,
Жарык дүйнө берген сага бул ааламга.
Кызыл эт кичинеңден сүт эмгенсиң,
Эне сүтү азык болуп жашашыңа жай турмушка.

Кыйынчылык болсо дагы чыдап сага,
Мээримин аябаган энең мына .
Мезгил өтүп чоңойгондо сүт эмбестен,
Асмандан түшкөндөйсүң күлүп ага.

Өзү жебей ырыскысын берген сага,
Оорусаң уктабастан бет маңдайда.
Суранган жараткандан, таң атканча,
Амандыгың тилейт тура апаң сага.

Үй салып чоң үйдө жашасаң да,
Энең жашайт бөлүнгөн жапыс тамда .
Той тамаша туулган күн кенен залда,
Оюн күлкү сыр айтышып таң атканча.

Эненин таманында бейиш деген чындыгында,
Бий-бийлеп аяш балдар таң атыра.
Кулак жарган музыкалар кош жаңырык,
Эне чыдайт баарына ал"эне"да, Айкөл тура.

Энең сени алып келди бул ааламга,
Жарык дүйнө жакшы максат жашаганга.
Энең төрөп туулган күн майрамын сага арнады,
Төрөлбөсөң болмок эмес шаңдуу күлкү майрамы.

## БАЗАРДАГЫ КУМУРСКА

Кумурскага окшогон бала көрдүм базарда,
Чолок шымчан ак майкачан ак кепка.
Араң тартат арабасын тердеп бала,
Бут кийими бутунан тайып кетет басканда.

Ары өткөндөр бакырат ал арабаңды эй бала!
Тердеп-тепчип бала тартат жанашып арабада.
Дөңгөлөгү чункурга түшүп жылбай калганда,
Бакыргандар көбөйдү жардам бербей балага.

Арабаны түртүштү бир аксакал балага,
Ун жүктөгөн алты кап үстүндө бар сумка да.

Алып барды таксиге араң тартып араба,
Чоң килейген киши экен акча сунду аз гана.

Кирип кетти ал бала мурдун аарчып базарга,
Эрте кечке иштесе тыйын топтоп нан чайга.
Мындай кетсе болот бала оорукчан,
Ден соолугун келечегин баланын,
Ким ойломок баары бир да аларга.

Карап туруп кейидим бул кумурска балага,
Эрте кечке ташыган тамак жебей арада.
Ата-энеси бар бекен? байкуш бала базарда,
Эне кандай чыдаган акча алып баладан.

## ЭПТҮҮ КЕЛИН ДИЛДАРГА

Карылардын кеби келди башыма,
Келин алсаң келет дөөлөт барына.
Септүү эмес эптүү алгын балаңа,
Баары жакшы жыл өткөндө кара да.

Эптүү келин жыртыгы жок жамалган,
Баары таза ирееттелип кармалган.
Жер төшөгүн жумшак салган астына,
Пахта салып шырып коет салганга.

Эрте таңдан мандалактай кызарган,
Нанын жаап ийкем менен чай сунган.
Үстүн карап жууп таза апалап,
Конок келсе менден мурда жылмайган.

Шүгүр кылам бир Алладан балама,
Таза табит кызым болду жаныма.
Кыздар келсе келет-кетет маалында,
Келин балам өз кызымдай мага да.

Көп угамын эпсиз келин балага,
Энелердин кейип бышкан санаага.
Жүдөп кетти дешип калат бирөөлөр,
Келиндерин ушактап башкаларга.

Эпсиз келин себи калбай арадан,
Таштап баарын жаңы алып базардан.
Акчасы жок жеткире албай тамактан,
Келиндер бар эптеп-септеп жашаган,

Эптүү келин Дилдорадай болгула,
Идиш жуусаң жай-жайына койгула
Тазалык ден соолуктун булагы дейт,
Болсоң эгер ата-энеңе ийкемдүү
Болосуң сен апаң сүйгөн адептүү.

## ЧАБАЛЕКЕЙ

Жаз эрте чабалекей үн салганда,
Кабарлап келген жайдан, саламдаша.
Чабалекей чебер уста уясына,
Томолоктоп адам салгыз тургузганда.

Суу чопо аралаш кынаганда,
Таң калам бир устунга тургузганга.
Бала басса бирөөсү уясында,
Жем ташып кабар алат өз жарынан.

Алты балапан ачып чыкты карала,
Кезек менен жем ташып баласына.
Күз келгенде учуп кетет уясынан,
Канат күүлөп чоңоюшту баласы да.

Бир саамда чурукташып ыйлаганда,
Кара жылан жакындаган уясына.

Таяк менен чаап калдым чала була,
Сулайып жерде жатты узун жылан чаарала.

Учурду балапанын алтысын чурукташа,
Ырдашат эрте таңда канатташа.
Ырахмат эне, дегенсип узун зымда,
Өз ичимден мактанам эрдик кыла.

## СЫЙ КОНОГУМ КУДАЛАР

Кудалар жат жерден жакын болгон,
Тууган болдук уул кыздан кудай кошкон.
Сыйлашып кадыр барктуу ак дасторкон,
Кудаларга койгулачы бал боорсоктон

Чогулсак коргон толуп, тууган болгон,
Өзүбүзчө ынтымактуу кудай кошкон.
Мал союлуп сыйлуу тамак кудаларга,
Устукандап баш жиликти жандап койгон.

Сарпайдын киет алдын  кудаларым.
Кызым сыйлап күйөө балдарым өз балдарым,
Келиндерим жат эмес өз кыздарым,
Алар менин туугандарым жакындарым.

Куда сөөк неберелер баарысы байлыгыбыз,
Үйүм базар чүрпөлөрдөн чер жазабыз.
Үйдө болбой калса эгер неберелер,
Изденип бир толгонуп айыгабыз.

Жамандардан кудай сакта көз тийбесин,
Кучакташкан куда болуп жүрө берсин.
Уул кыздын артынан той көрүшүп,
Төрдө конок той кешигин бөлүп жейлик.

## КҮЗҮНДӨГҮ ЖАШТЫҒЫМ

Күз көркөмү көрктөнүп өрүкзарда,
Саргайган жалбырактар кооз кара.
Жер төшөлгөн килемдей жатсаң анда,
Кыздар ойноп шаң менен бет маңдайда.

Топточубуз шыпырып салып капка,
Малга тоют дечү эле атам мага.
Талашып топ-топ үйүм шыпырганда,
Боюм таштап топ үйүмгө жыргаганда.

Жомоктой шамал ыргап жалбырактар.
Шамалга учуп түшөт өрүк бакта.
Кооздугун ай керемет жаштык анда,
Жалбырактай өткөнсүйт ар жыл анда.

Үнү угулат топ кыздар күлкү шаңда,
Колубузда шыпыргы каптарыбыз далыбызда.
Суусундук жапкан нандар жаныбызда,
Жаштыктын бал таттуусу өрүк зарда.

Барсам мен кыйылган өрүк зарга,
Тигилген жаш балаты жаңы жайда.
Күлкү жок топ кыздардан бирөөсү да,
Муңайып ойлоп кайттым жаштыгыма.

## БУУДАЙ НАН

Сары буудай кең талаа чалкыган,
Толкунданып жел шамалга ыргалган.
Ырыскысы адамга жер азыгы ,
Бассаң белден келет ийип буудай даны.

Тили катып булбулдун будайы бышат,
Жыйнап буудай дандарын капка салат .
Ырыскысы адамдын тегирменден,
Ун болуп суу тегирмен майда тартат .

Ысык нан күлчө токоч шырмай наны,
Кыпкызыл таттуулугу таңдайда жесең аны.
Беш бармак, кесме күлчө, той ашы,
Боорсогу айтсам бүтпөс бышырганы.

Бир буудайдан түр макарон азыгы,
Унсуз бүтпөйт эттүү манты лагманы.
Балдар сүйгөн токоч, торту,чакчагы,
Буламыгы умач ашы азыгы.

Бир буудайдын өсүп чыккан түйшүгүн,
Алла берген элиме ырыскысы будайын .
Кор кылбайлы нансыз жашоо болбостур,
Ачка калсаң, билесиң нан азабы кандайын.

## КҮН ЧЫГЫП БАТКАНЫ

Күн чыгат жадырап эрте таңда,
Жыргалы жашоонун жарчысында.
Көр турмуш кыймылы кеч күүгүмдө,
Чаалыгып дене боюң уктаганча.

Түш көрүп аалам кезип уктаганда,
Аян берип табышмак бир сырында.
Алдын алып түш келет баарысы да,
Сыры терең Алланын аянында.

Жарыгы бул дүйнөдө жашаганда,
Күн чыкса өмүрдүн жашоосу да.

Күн батып, адам өлсө караңгыда,
Жарык өчүп кош айткан жашоосу да.

Күн жарыгы түн караңгы агы кара,
Адамда, болот жакшы жаманы да.
Жашоо өлүм  башта бар ар адамда,
Жаманы жарык өчсө караңгыда.

Көз ачып жумганча өтөт күн да,
Коногубуз дүйнөнүн адамы да.
Сыйлашкан таза жашап жарыкта,
Сапатыбыз адамдык жашообузда.

## САГЫНУУ БАР АР АДАМДА

Куттуу сагынуу адамдын жашоосунда,
Үмүтү баласыбы же тууганыбы сүйгөнү да.
Арзыганың алыста, күттүргөндө,
Санааң санга, бөлүнөт жолукканча.

Жүрөк дегдеп сагынычың болсо бала,
Үйгө батпай эне жүрөк күтөт бала.
Өзү жебей ырыскысын бөлгөн ага,
Эне куттуу эч чыдагыс болгон санаа.

Тууганыңды күтсөң үй саздап ага
Тамак ашын, даярдап эшик карап,
Жүрөк жазып тууган менен кеп курганда.
Жакын болот көз мээрде жолукканда,

Эгер  күтсөң сүйгөнүң эшик карап
Сагынычың жүрөгүңдө күйүп жанат.
Күтүүсү эки жаштын сааты өтпөй ,
Сүйүүнүн толкунубу жүрөк кагат.

Адамда сагынуу бар күтүү барда.
Адамдык мээрибиз сагынганда,
Жүрөк жазып жакындыгы ар адамда,
Күтөбүз сагынып мээр барда.

## АВТОБУЗДАГЫ БОЛГОН ОКУЯ

Күн ысык саратан папалаган,
Конок болдум төркүнүмдө бир жума.
Кайтаар күнү келип автобуздан,
Билет калбай такси жок бир заматта.

Беш балам бири колдо баары кичик ,
Орун жок турдум тике сумкам илип.
Алдымда бир жаш жигит мыйык күлүп,
Башын койгон терезеге жалган көзүн жумуп.

Бир аксакал кел кызым орун берип,
Жок ата отурунуз өзүнүз дедим күлүп.
Анда бер колундагы кичүү баланды,
Небереме окшогон мурдуң бучук деп күлүп.

Жүрдү автобуз ысыктан суу тердеген,
Кете берди жаш жигит генебестен.
Ызылдап бири суу, бири нан, беш баладан,
Кулак дүлөй ойгонбоду кенебестен жаш жигит.

Кыйналсак да жетип келдик өз шаарыма,
Ойгонду жигит бир чоң дарбыз алды да .
Түшөөрдө мүдүрүлүп жыгылды жерге жата,
Дарбызы жарылып кызгалдактай парчалана.

Эл үймөлөктөп жигитти тообо дешип,
Ата калды таң калып баламды берип.

Жүрөгүңдөн кейисең Алла көрүп,
Көз алдымда жаза берди тообо дедим.

Артынан түштүм беш баламда,
Мурдунан каны аккан тиши сынган
Ой тообо уйкуң кудай ачтыбы сени балам,
Өтө катуу уктап калган белең балам.

Жеңөө деген кыйкырык көңүл ачты,
Таксис кайним жетип келди шашып-бушуп,
Кеттик жеңе балдарымдын баарын салып.
Токтоң кайним иш бар сизде дедим күлүп.

Үч жолу сигнал бергин дедим ага,
Пап... пап... пап -аап сигнал басты чала.
Карады жигит мага кабак сала,
Кете бердим мыйыгымдан күлүп ага.

Ошол күндөн ушул күнгө мага сабак,
Жалган күлүк Аллага да жакпай калат.
Алла азыр дегенин көрдүм күбө,
Балдарыма дайыма айтам болсун сабак.

## ЖОК ОРООСУ ТОЛБОЙТ

***( Болгон окуя)***

Таң сүрүп короз үнү уйкумду ачты,
Гөр турмуш эрте таңдан башталды.
Мемиреген таң уйкусу балдарымда,
Ойготподум таттуу уйкусун бузганга.

Шаардан көчүп келдик жаңы гана,
Тандыр кургам кызыгып нан жапканга .
Бир сүттөн нан жабайын балдарыма,

Коңушумдун эки уйу бар,
Сүт тартат сепараторда.

Кирдим сурап аборот сүт камырга,
Иий, жок эле берип койдум Жанатайга.
Эртең келиң берейин сизге камыр нанга,
Макул деп чыгып кеттим күлүп гана.

Эртеси кайталанды ошол күн да,
Ишенчек жаным үчүнчү күн кирдим ага.
И-ий апама бере салыпмын, эртен берейин сага,
Ишенип чыктым чакам курук гана.

Төртүнчү күн таң заарда кирдим ага,
Ий өзүм камыр кылайын сүтүм азда.
Кайта берсем тарс деген үн чыкканда ,
Карай салдым чочуп кетип аңкайа.

Көргөн көзүмө ишенбеймин ой тообо,
Чоң устунда илинген чака.
Түшүптүр көтөрө албай көлкүп сүтү,
Топуракка жер жайнап түшкөн тура.

Кошунам карай албай бет кызара,
Ары бери ойдолоктойт мага карай.
Чыгып кеттим унчукпай жолум баса,
Алдап корбегөн жаным, таң калдым ага.

Токтобой дүкөнгө бардым шаша,
Алып келдим ак сүттү толуп чака.
Нан кылдым чоктой кызыл шырман,
Бышырдым балдарыма токоч майда.

Узаттым бир шырман, бир токоч кошунама,
Уялыңкы көзү качып тиктей албайт.
Кереги не жалгандын учу кыска,
Жок оросу толбой жокко түшөт кара.

## АЙРАН САТКАН АБИБА
## АЗИЛ ЧЫНЫ АРАЛАШ.

Айылдагы Абиба айран жасап сатарда,
Таӊ эртеден жөнөдү такси кармап бараргa,
Зуулдаган машина жетип келди базарга,
Колундагы челегин алып басты Абиба.

Орус тилин билбеген бакырышты баштады,
Айран алгыла, айран алгыла, айраан.
Сары майка, кепкачан бир короонун жанында,
Сигарети оозунда, гаршок кармап колунда.

Подожди апа, айран керек мага апа,
Келди короо жанына чарчап жеткен Абиба.
Эшигинин алдына олтурду саздана,
Гаршок коюп акчага кирип кетти бир паста.

Карап коюп гаршокко күлүп алды Абиба,
Сонун куйгуч идиш тура сабын кара таптаза.
Ой тобоо орус жетишкен карап калды Абиба,
Качан чыгат бул орус, айран куйду толтура.

Орус чыкты банка алып, карап калды таӊ кала,
Ой божумой, божумой это гаршок апа.
Албасаӊ жок айранды эмне бакырасыӊ сен мага,
Алып гаршокту Абиба кайра куйду айранга.

Орус кайра бакырды это гаршок нельзя айранга,
Кыйкырбагын сен мага акчаӊ бербе айранга.
Албасаӊ не чакырдыӊ айран алат башкада,
Тил билбеген Абиба орусту карап олурая.

Айраан, айраан жүрүп кетти Абиба,
Это грязный не берите айрана – айрана.

Калды орус айран албай таң кала,
Албасаң мага бакырба нет тибе бекер айрана,
Кете берди Абиба айраан, айраан.

## КӨППӨЙЛҮ

Эй адамдар баары жандык,
Жаралган жашайт канчалык.
Кайда калган сапат адамдык,
Байлыкка көз тумандап калгандык.

Көрбөгөндүн көргөнү дегендик,
Элде бар накыл сөз данакерлик.
Көпкөндөр эстеп койсо адамдык,
Кой көтөрөт семиздикти билгендик.

Какшаткан көп курук дооматтан,
Таш кылабы жүрөгүң ага байлык.
Кайтар дүйнө кайтса кылгандык,
Өкүнөсүң кеч анда бушаймандык.

Акчасы ашык болсо керилгендик,
Кол булгап сүйлөп ал текеберлик,
Эй көпкөндөр сендей эле пенделик,
Алла тартат жүгөнүң бир тегиздик.

## ЖАШТЫК СЕЗИМ

Өтөт дүйнө жаштык кезиң,
Баары кетет аба суудай сезим.
Ташты талкан кылган кезиң,
Кенебеген доор шамал кезиң.

Жыл айланып келет сенин,
Кай- жайдан карылык деми сенин.
Мээнет арбап алат ар кай жериң,
Дүйнөдөн көңүл калат эскергениң.

Кереги жок дүйнө байлык дегениң,
Бир жаның ооруганда демиткениң.
Калат баары жыйнаган бар байлыгың,
Дүйнөгө түркүк болбойт адамзатың.

Аман болсок дениң таза баарың,
Баары болот сый урмат алы жайың.
Көр дүйнө өтө берет адамдыгың,
Баркын билсек адамдык тазалыгың.

Оорубайлы оомат келсе бирдей сенин,
Көтөрөлү бар жок дөөлөт келгенин.
Көппөйлү колдун кири бул жашоодо,
Адам тааны баары адам көрсөйбөгин.

## БӨБӨК БОЛОТ АТАКЕҢ КАРЫГАНДА

Бөбөксүң таза пейил каткырган,
Ай ааламга сен бийикке талпынган
Тынбайсың кой десе да жулкунган,
Кечке тынбай чарчабай оюн курган.

Жаштык кетет күчтүү кезиң чыңалган,
Моюн бербей кары жашка док урган.
Билинбестен акыл келет арадан,
Баары кеч, өтүп кетет зымыраган.

Акыл келет карыганда карманган,
Күчүң кетет алың жок карыганда.

Атаңдын кейпи келет сага да,
Алың жетпейт көз тунарып турганда.

Бөбөк болот атакең карыганда,
Тиши түшүп кайра кайтып жаштыгына.
Бала сымал колун карайт баласына,
Эркелеткен жакшы сөздү укканга.

## ЖАКШЫЛЫК КЫЛ

Жакшылык кыл адамга колдон келсе,
Жакшы сүйлөп бир-бириңе бул дүйнөдө.
Жашоодо кең пейилдик Алла берсе,
Жакшылык күлкү менен кайтар билсе.

Эх Аллам кең дүйнө чалкып жатса,
Не жетсин ынтымактуу жашаганга.
Көрүп билип жасаба жамандыкты,
Баардыгына тилеймин амандыкты.

Жакшы сөзүң жакшы жагың көрсөтсөң,
Сени көрүп сабак алат балаң да.
Кайтат баары жакшылыгың унутпай,
Таазим этип мээр төгүшөт сага да.

## БАДЫРЫҢ КАНТИП ҮШҮГӨН

Бадырың, сабиз, пияз, тердеп күз айында,
Жүргүлөчү ысып кеттик жуунганга.
Үчөө көлгө кетти бака-шака,
Ойношуп эстен чыкты жуунганда.

Күн кызарып аз калды батканыга,
Бадырың тез чечинип муздак сууга.
Биринчи түштү сууга шаша-буша,
Шамал жүрүп көлдүн бети муздаганда.

Пияз, сабиз түшпөдү суук сууга,
Күз айы күн сууган суу да муздак.
Шамалга учуп түшүп бадырыңдын,
Кийими калкып агып муздак сууда.

Бадырың үшүдү го суук сууда,
Котур басты бүт денесин үшүп анда.
Ошондон ушул күнгө бадырыңда,
Калган экен үшүгөндөн быдыр анда.

## БАЛДАРЫМА ЫРААЗЫМЫН

Ыйман тилеп башынан балдарыма,
Туура жолго үйрөттүм жаңылбаска.
Эне сыйлап баш болгон тун уулума,
Чоң аталап кичүү балам балдарыда.

Шүгүр кылам бир Аллага балдарыма,
Узун жаш, ырыс берсин маңдайына.
Бир тууганың көзүң ак карасы да,
Карындашың шам сымал чырагың да.

Ооруп калсам үмүт берген маңдайымда,
Миң айланып мээр төгөт балдарым да.
Кудайым кем кылбасын үмүтүм да,
Урмат сый, бак таалай бер балдарыма.

Улуу балам сыймыгымсың кашымда,
Боор эзген азил сөзүң каткырганда.
Силерсиңер медерим асылдарым,
Күч кубат ден соолук бер  балдарыма.

Ыраазымын миң мертебе балдарыма,
Карашат келиндерим кыздарым кабагыма.

Урмат менен сыйлайсыңар "Апа" дешип,
Балаңардан кайтсын деймин балдарыма.

## АЙЫЛЫМ БАЗАР-БАШЫМ

Сагындым Базар-Башы айылым,
Кут береке өрүк зарлуу бактарым.
Кереметтүү Булак- Башы даңазалуу,
Тартылып кино тасма Таттыбүбү бир айым.

Эсте калды Уркуянын тартылганын,
Кыргыз элге бүт таанымал Саң сарайым.
Чалкып жаткан адыр талаа кең Параңым,
Эли өсүп бак дарактуу өрүк зарым.

Өнгөн элим ынтымактуу Базар-Башым,
Айырма жок шаарлардан, таң каламын.
Аксакалы катарлаш Базар-Башым,
Жаштар өсүп алдыга жарышканын.

Желегиң желбиресин Базар-Башым,
Күн нуру тийип турсун сага дайым.
Ооматыңды Алла берсин кагылайын,
Кыргыз эли көбөйсүн жаратканым.

## КҮЗГҮ ШАМАЛ

Күн бүркөлүп кечки шамал шамдагы,
Жамгыр кошо дарак ыргап шактары.
Күз жалбырак үйүп салды короого,
Кабарыбы кыш келгенин айтканы.

Түнү бою жарык өчүп шамалдан,
Бала ыйлайт ыңаалап уктабастан.
Санаа баскан уйку качып дыйкандан,
Талаадагы эгилген буудайынан.

Күн жаркырап тийгени дыйкан багы,
Жазда эккенин маңдай тери жыйнаганы.
Күзгү шамал кабар берет суук кыштан,
Ишке салды жыйноого кыштын камы.

Эл эккенин жер жебейт ырыскыңды,
Жазда иштесең тиштейсиң сөздүн чыны.
Кырман толсун мээнетиңер таптаза,
Молчулук боло берсин бүт ааламда.

## МАЗМУНУ


Пикир........................................................................ 3
Поэзия ааламына алгачкы кадам............................. 6
Жолуң ачылсын жээним Айтилла............................ 10
Акындардын арасынан көргүм келет....................... 11
Мен акын эмесмин................................................ 13
Жаз айым............................................................... 13
Гүл назик............................................................... 14
Жаз жамгырым...................................................... 15
Гүлдөр................................................................... 15
Айгүл гүлү.............................................................. 16
Алма гүлү............................................................... 17
Сагындым............................................................... 17
Ата энең дөөлөтүң................................................. 18
Ноорузум............................................................... 19
Тизгинсиз тил........................................................ 19
Түш көрдүм............................................................ 20
Көп улуттуу кыргызым........................................... 21
Сулуу өлкөм........................................................... 21
Балдарыма............................................................. 22
Парталашым........................................................... 23
Энелер................................................................... 23
Өкүнбөгүн.............................................................. 24
Аялзат................................................................... 25
Чак түштөгү чагылган............................................ 25
Кача албайсың ажалдан......................................... 26
Баламдын элесине................................................ 27
Кыргызымдын жайлоосу........................................ 28
Ошум менин........................................................... 28
Сулуу кыз............................................................... 29
Жаз көктөмү............................................................ 30
Келин келди........................................................... 30
Кыргыз жерим........................................................ 31
Өмүр бир келет..................................................... 32
Намашам гүлү........................................................ 32
Баткеним................................................................ 33
Эне деген.............................................................. 34
Бадам гүлү............................................................. 34

Шүгүр кылам.......................................................... 35
Балдарымдын атасы.............................................. 36
Дуба кылам........................................................... 36
Күн.......................................................................... 37
Кошуна.................................................................. 38
Нак......................................................................... 38
Убал кылба нанды................................................. 39
Жакшы адам бололу.............................................. 39
Олуя ата................................................................ 40
Күмүш күлдө жалтырайт........................................ 41
Наз эркем.............................................................. 42
Энелер аман болсун.............................................. 42
Заманыбыз............................................................ 43
Кызыл өрүк............................................................ 44
Апаларым аман болсун.......................................... 44
Балдарымдын атасына........................................... 45
Апа......................................................................... 46
Түшүмдө көрдүм апамды........................................ 46
Түркүн тагдыр........................................................ 46
Жазым көлчи сүйүүлөргө толтура.......................... 47
Жаштык сүйүү........................................................ 48
Окуучулук күндөр ай.............................................. 49
Табар бекем........................................................... 49
Өткөн жаштык кимге кандай.................................. 50
Дуба алсак............................................................ 50
Айылдагы апалар................................................... 51
Сүйүү таза............................................................. 52
Аталар................................................................... 53
Сулууга ................................................................. 53
Өгей дебе баланы.................................................. 54
Бир келесиң ааламга............................................. 55
Айпа тапкан Айбике............................................... 56
Ушакчы айым......................................................... 57
Байларга................................................................ 57
Кыргызымдын жигиттери........................................ 58
Ыраазымын............................................................ 59
Бир тууганым......................................................... 59
Абысыным.............................................................. 60
Комуз күүсү........................................................... 60

Окшоштурдум кыргызга........................................ 61
Пейили кең базар............................................... 62
Саламат Садыковага арналат................................ 62
Каарыларым..................................................... 63
Арактын кесепети............................................... 64
Классташтарга.................................................. 64
Баары аялдан................................................... 65
Уул балага алдей бөбек........................................ 66
Кыз балага алдей айтуу........................................ 68
Күлүп жүрсөм................................................... 69
Өкүнгөн тагдыр................................................. 70
Жүрөк ыйлайт балама.......................................... 71
Мусапыр дейт кыз баланы..................................... 71
Бир жаралган Алыкул.......................................... 72
Жыргал эле балалык........................................... 73
Базар – Башым................................................. 73
Эшек жөнүндө тамсил.......................................... 74
Бөтөлкөнүн айынан............................................. 75
Сулууларга сыктанып.......................................... 76
Сыктанамын дикторго.......................................... 76
Сыйлашсак тууган менен...................................... 77
Коломтодогу отум............................................... 78
Туулган жерим.................................................. 79
Апшыр –Ата..................................................... 80
Санаам сага бөлүнөт........................................... 81
Аларман......................................................... 82
Кайратыңдан жанбагыла аксакалдар......................... 82
Жакшы болсок................................................... 83
Ырыскы келет................................................... 84
Бузбагыла....................................................... 84
Жалкоо.......................................................... 85
Балам дедим..................................................... 86
Мен аядым сиңдимди............................................ 87
Берекесин берген күз........................................... 87
Чаң кочөлөр..................................................... 88
Күтөм кызым..................................................... 89
Кайненем өз энем............................................... 89
Сагындым жазды................................................ 90
Ажыларга сыктанам............................................. 91

Карысаң мендей болорсун.......................................... 91
Суранам Алладан.......................................................... 92
Асман............................................................................ 92
Сабыр берсин пендеге.................................................. 93
Кордобо сүйүүнү............................................................ 94
Сүйгөн сулуу.................................................................. 94
Туулган жерим сагынганда............................................ 95
Ойлоп кетем баламды.................................................... 96
Махабат жок болсо........................................................ 96
Сүйүү келет.................................................................... 97
Кыргыз........................................................................... 98
Туулган күн.................................................................... 98
Базардагы кумурска...................................................... 99
Эптүү келин Дилдарга................................................... 100
Чабалекей...................................................................... 101
Сый коногум кудалар..................................................... 102
Күзүндөгү жаштыгым.................................................... 103
Буудай нан...................................................................... 103
Күн чыгып батканы........................................................ 104
Сагынуу бар ар адамда................................................. 105
Автобуздагы болгон окуя.............................................. 106
Жок ороосу толбойт....................................................... 107
Айран саткан Абиба...................................................... 109
Кеппейлү....................................................................... 110
Жаштык сезим............................................................... 110
Бебек болот атакең карыганда...................................... 111
Жакшылык кыл.............................................................. 112
Бадырың кантип үшүгөн............................................... 112
Балдарыма ыраазымын.................................................. 113
Айылым Базар-Башым................................................... 114
Күзгү шамал.................................................................. 114

Адабий-көркөм басылма
АЙТИЛЛА АДЫЛОВА

«Мен акын эмесмин»

Редактору А. Джуманазаров
Техникалык редактору А.Тойчубаев
Дизайнер Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө 12.03.2016-ж. Басууга 29.11.2016-ж кол коюлду.
Кагаздын форматы 60X84 1/16, 7,5 б.т. Заказ №018
нускасы 100 Наркы келишим баада

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236